Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

# Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н.К. Шайлдабекованын 2023-жыл үчүн БАЯНДАМАСЫ

## Шайлоолорду даярдоонун жана өткөрүүнүн практикасы, жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жана укуктук маданиятын жогорулатуу, шайлоо мыйзамдарын аткаруу боюнча чаралар жөнүндө жана шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча мыйзам чыгаруу сунуштар

Бишкек 2024

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ........................................................................................................................2**

**1 БӨЛҮМ. ШАЙЛООЛОРДУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ ПРАКТИКАСЫ**
**1.1.** №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу
боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
депутатын мөөнөтүнө мурда жана кайра шайлоо – 2023-жылдын
28-майы жана 2023-жылдын 10-сентябры…………………………………………….....3
Тиркеме ….…………………………………………………………………..……13

**1.2.** Кыргыз Республикасынын Нарын, Баткен, Ош, Талас жана
Чүй облустарынын 14 жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо-
2023-жылдын 9-апрели ..........................................................................................14
Тиркеме………………………………………………………………….........19

**1.3.** Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы
Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо
– 2023-жылдын 8-октябры ………………………………………….................20
Тиркеме …………………………………………………………….. ………...23

**2 БӨЛҮМ. ЖАРАНДАРДЫН ШАЙЛОО УКУКТАРЫН ЖАНА УКУТУК МАДАНИЯТЫН ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР**

**2.1.** Жарандардын шайлоого катышуусу үчүн шарттарды жакшыртуу –
электрондук, аралыктан добуш берүүнү апробациялоо..…………………………………25

**2.2.** Жарандардын укуктук маданиятын жогорулатуу –
жарандык билим берүү боюнча чаралар…....................................………………37
Тиркеме …...…………………………………………………………………….. 40

**3 БӨЛҮМ. ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫНЫН АТКАРЫЛЫШЫ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖАНА АЛАРДЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА СУНУШТАР**
**3.1.** Кыргыз Республикасында пилоттук режимде
өткөрүлүп жаткан административдик-аймактык
реформанын алкагында шайлоо жөнүндө мыйзамдарды
аткаруу боюнча чаралар..........................................................................................45

**3.2.** Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин
депутатынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда
токтотуу жана бош мандатты ээлөө бөлүгүндө
мыйзамдарды аткаруу...............................................................................................47

**3.3.** Шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштамалар...... ……………………...53

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 107-беренесине ылайык *Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Кыгыз Республикасында шайлоо жана ренферендум өткөрүүнү камсыз кылат.*

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, *Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуучу жана шайлоо комиссияларынын тутумуна башчылык кылуучу туруктуу иштеген мамлекеттик бийликтин көз карандысыз органы болуп саналат.*

Борбордук шайлоо комиссиясынын милдеттери:

*- Кыргыз Республикасынын аймактарында Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарынын жана референдумга катышуу укуктарынын сакталышын камсыз кылуу;*

*- шайлоо мыйзамдарынын бир түрдүү колдонулушун камсыз кылуу;*

*- талапкерлер, саясый партиялар үчүн бирдей укуктук шарттарды сактоону камсыз кылуу;*

*- шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын эсебин жүргүзүүнүн бирдиктүү системасын уюштуруу;*

*- Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын шайлоону жана референдумду даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуу;*

*- шайлоо тутумун өнүктүрүү, шайлоо процессинин катышуучуларын маалымдоо жана шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн жана шайлоо комиссиясынын резервинде турган адамдарды окутуу болуп саналат.*

Демократиялык мамлекетте мамлекеттик органдардын ишинин натыйжалуулугу жана туруктуулугу шайлануучу органдардын мыйзамдуулугуна көз каранды, анткени аларга жарандар шайлоо аркылуу өлкөнү башкаруу укугун ишенип беришет. Шайлоо демократияны ишке ашыруунун жана коомдук пикирди билдирүүнүн, мамлекеттик механизмдин иштешинин туруктуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылуунун негизги өбөлгөлөрүнүн бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасында мыйзамдык деңгээлде шайлоо процессинин субъектилери үчүн бардык зарыл шарттар түзүлгөн. Шайлоолор жана референдумдар жалпы тең, тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү аркылуу өткөрүлөт жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын эркин жана ыктыярдуу жүзөгө ашыруусуна негизделген.

Ишенимдүүлүк, айкындуулук, шайлоодо атаандаштыкты жогорулатуу, шайлоонун инклюзивдүүлүгүн көтөрүү, жарандардын эркин билдирүүсү үчүн укуктук жана практикалык шарттарды жакшыртуу шайлоо системасын реформалоонун негизги жетишкендиктери болду.

Бул баяндама Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 80-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-пунктуна жана “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 11-беренесинин 13-пунктуна ылайык даярдалды.

Баяндамада “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 131-беренесине ылайык, 2023-жылы шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн практикасы жөнүндө, жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жана укуктук маданиятын жогорулатуу тууралуу, шайлоо мыйзамдарын ишке ашыруу боюнча чаралар жана аны өркүндөтүү боюнча мыйзам чыгаруу сунуштары жөнүндө маалыматтар камтылды.

## 1.1. №26 ЛЕНИН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕНЕШИНИН ДЕПУТАТЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ЖАНА КАЙРА ШАЙЛОО – 2023-ЖЫЛДЫН 28-МАЙЫ ЖАНА 2023-ЖЫЛДЫН 10-СЕНТЯБРЫ

### 1) №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо – 2023-жылдын 28-майы

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Респрубликасынын конституциялык Мыйзамынын 65- беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча тийиштүү шайлоо округдарына кеткендердин ордуна Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоо Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат жана бош депутаттык мандат пайда болгондон кийин эки айдын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө өткөрүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Респрубликасынын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык мөөнөтүнөн мурда шайлоодо шайлоо аракеттеринин мөөнөттөрү үчтөн бирине кыскарат.

№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Абиров Жаныбек Болотбековичтин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгына байланыштуу «№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-мартындагы №70 Жарлыгы менен №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо **2023-жылдын 28-майына** дайындалган.

**<u>Шайлоочулардын тизмеси</u>**

2023-жылдын 28-майына дайындалган №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо тизмеге **124 908** шайлоочу киргизилген.

51 участка боюнча түзүлгөн ДСМЧАнын керектөө картасына ылайык ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү шайлоочулардын саны **1117** адамды түзгөн.

**<u>Шайлоо участкалары, шайлоо комиссиялары</u>**

№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунда добуш берүүнү өткөрүү үчүн **51** шайлоо участкасы түзүлгөн, анын 92% пандус менен жабдылган.

№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону уюштурууга Ленин округдук шайлоо комиссиясынын **13** мүчөсү жана участкалык шайлоо комиссияларынын **708** мүчөсү тартылган.

Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү (721 адам) 2023-жылдын 26-апрелинен 6-майына чейин шайлоонун негизги аспектилери, анын ичинде шайлоо мыйзамдарынын нормалары боюнча окуудан өтүштү.

Шайлоо комиссиялары бардык зарыл болгон усулдук материалдар: АШКнын, УШКнын колдонмолору жана жыйнактары, талапкерлер жана саясий партиялар үчүн жыйнак, плакаттар, календарлар, көрнөктөр менен камсыз кылынды.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлер**

«*Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 60-беренесине ылайык, бир мандаттуу шайлоо округуна депутаттарды көрсөтүү* ***өзүн өзү көрсөтүү тартибинде жана саясий партиялардан көрсөтүү жолу менен жүргүзүлөт.***

№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына мөөнөтүнөн мурда шайлоодо баардыгы болуп **49** талапкер (40 эркек, 9 аял) көрсөтүлгөн, анын ичинен:

- катталганы – **32** талапкер (эркектер – 27, аялдар – 5);
- 11 талапкер мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуу үчүн арызын кайтарып алган;
- талапкерди каттоо үчүн зарыл болгон документтер берилбегендигине байланыштуу каттоодон баш тартылганы - 6 талапкер.

КР ЖКнын депутаттыгына катталган 3 талапкер андан ары мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуудан баш тартты.

№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоого бардыгы балоуп **29** талапкер (эркектер – 24, аялдар – 5) катышты.

Кыргыз Республикасынын санариптештирүү саясатынын алкагында талапкерлердин маалыматтарынын мыйзам талаптарына ылайык келүүсүн текешерүү (паспорттук маалыматтар, Кыргыз Республикасынын жарандыгы (СӨМ), соттуулугунун жоктугу (ИИМ), жогорку кесиптик билиминин болушу (ББжИМ) ж.б.) «Тундук» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу ишке ашырылды.

**Шайлоолорду маалыматтык камсыз кылуу**

2023-жылдын 6-майында Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышкан депутаттыкка талапкерлер жана алардын өкүлдөрү үчүн окуу өткөрдү.

Окуу талапкерлерге жана алардын өкүлдөрүнө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун өзгөчөлүктөрү, шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн эрежелери, шайлоо өнөктүгүн каржылоо, шайлоо процессиндеги ачык-айкындуулуктун өбөлгөлөрү жана анык болушун көзөмөлдөө жөнүндө маалымат берүү максатында уюштурулган.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына маалымдоо максатында Борбордук шайлоо комиссиясы **3995** даана нуска менен ар кандай типтеги басма материалдарын, анын ичинде КР ЖКнын депутаттыгына талапкерлер жөнүндө маалыматтык плакаттарды, маалыматтык плакаттарды (АШКнын, УШКнын добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоо тартиби, шайлоо участкасында шайлоочулардын добуш берүү тартиби, административдик ресурс, добуштарды сатып алуу, юридикалык жоопкерчилик, байкоочу , Брайль шрифиндаги плакат) жана башкаларды чыгарды.

Коомдук жайларда көрнөк-жарнактар илинди.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына маалымдоо максатында 12 видеоролик даярдалып, 14 маек, 8 түз эфир, 10 телерепортаж чыгарылып, интернет басылмаларда 35 маалыматтык материал жарыяланган, УТРК мамлекеттик каналында теледебаттар өткөрүлгөн.

**Шайлоолорду финансылык камсыз кылуу. Талапкерлердин шайлоо фонду**

КР БШКнын 2023-жылдын 30-мартындагы №27 токтому менен 2023-жылдын 28-майына дайындалган №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасы **18 636,5 миң сом суммасында** бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалымат:

миң сом

| Көрсөткүчтөр | Бардык бөлүнгөн каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калдыгы (үнөмдөлгөнү) |
|---|---|---|---|
| **КР ЖК депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо (2023-жылдын 28-майы)** | 18 636,5 | 15 370,7 | 3 265,8 |

**Талапкерлердин шайлоо фонддору**

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

- талапкердин өз каражаттарынан - *150 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- саясий партиянын өз каражаттарынан - *1000 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- жарандардын ыктыярлуу кайрымдуулуктарынан – *200 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- юридикалык жактардын ыктыярлуу кайрымдуулуктарынан - *500 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.*

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен чыгымдардын **чектелген суммасы** 10 000 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоо фонддорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына 34 талапкер топтошкон.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоо фонддорунун атайын эсебине жалпы суммасы **16,2 млн. сом** келип түшкөн**.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдары жабууга бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоо фонддорунун атайын эсебинен **16,2 млн. сом** сарпталган.

БШКнын депозиттик эсебине түшкөн шайлоо күрөөсүнүн жалпы суммасы **3 млн. 400 миң** сомду түзгөн (шайлоо күрөөсүнүн өлчөмү 1 талапкерге 100 миң сомду түзөт). Конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин 16-бөлүгүнө жана БШКнын 16.06.2023-жылдагы №58 токтомуна ылайык талапкерлерге кайтарылып берилиген шайлоо күрөөсүнүн жалпы суммасы **3 млн 100 миң сом** болгон. Республикалык бюджеттин кирешесине которуу үчүн сумма **300 000 сомду** түзгөн.

**Мыйзамдуулукту жана шайлоонун коопсуздугун камсыз кылуу**

Мыйзамдын талаптарын сактоо жана жарандардын шайлоо укуктарын коргоо максатында 2023-жылы шайлоолордо БШК ЫЧКТ шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна туруктуу мониторинг жүргүзүп, көрүлгөн чаралар тууралуу БШКнын расмий сайтындагы «Регистрлер» бөлүмүндө токтоосуз маалымдап турду.

2023-жылдын 28-майындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө КР БШК 2023-жылдын 10-майында *«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо учурунда коопсуздукту жана мыйзамдуулукту камсыз кылуунун*

*өзгөчөлүктөрү»* боюнча укук коргоо органдарынын: Бишкек шаары боюнча прокуратуранын, УКМКнын жана ИИМдин жетекчилигинин жана оперативдүү курамынын кызматкерлери үчүн окуу өткөрдү.

Окууга бардыгы болуп КР ИИМдин 25 кызматкери, КР УКМКнын 16 кызматкери жана КР Башкы прокуратурасынын 7 кызматкер катышты.

2023-жылдын 28-майына дайындалган №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоонун жүрүшүндө КР БШКга бардыгы болуп **28 бузуулар** жөнүндө маалымат/билдирүү келип түшкөн. Алардан:

- БШКнын ыкчам чара көрүү боюнча координациялык тобуна – **13** (анын ичинен добуштарды сатып алууга байланыштуу - 12 ( токтотулганы – 11, сотко жөнөтүлгөнү – 1), административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу – 1 (токтурулганы– 1);
- шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо, маалымат маселелери жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча жумушчу топко – **15**.

КР конституциялык Мыйзамынын 37-беренесинин 4-1-бөлүгүнүн биринчи абзацына ылайык “Эгерде шайлоолорго даярдануу, добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилөө учурунда талапкер, саясий партия тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыгын анык белгилөөгө мүмкүндүк бербеген бузуулар орун алса, же шайлоочулардын эрк билдирүүсүнө таасир көрсөтүлсө, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкер, талапкерлердин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгын анык эмес деп таанууга укуктуу”.

Бишкек шаарынын Ички иштер башкы башкармалыгынын тергөө кызматынан келип түшкөн материалдардын негизинде Борбордук шайлоо комиссиясынын 2023-жылдын 5-июнундагы № 123 чечими менен конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарын бузгандыгы үчүн № 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Д.А. Ниязалиеваны каттоо жокко чыгарылган, ушуга байланыштуу КР конституциялык Мыйзамынын 37-беренесинин 4-1-бөлүгүнө ылайык талапкер Д.А.Ниязалиева боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары анык эмес деп таанылган.

Д.А. Ниязалиева соттук тарипте даттанганда Бишкек шаарынын административдик сотунун 2023-жылдын 9-июнундагы чечими, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 16-июнундагы токтому менен Борбордук шайлоо комиссиясынын 2023-жылдын 5-июнундагы №123 токтому мыйзамдуу деп таанылган жана күчүндө калтырылган.

2024-жылдын 29-февралындагы өкүм менен Н.Д.А., Г.С.Ж., Г.И.С., Х.Й.С., У.Р.Б. жана А.А.Б. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган кылмышты жасагандыгы үчүн (добуштарды сатып алуу) күнөөлүү деп табылып, 3 (үч) жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратылды.

Конституциялык Мыйзамдын 45-беренесинин 9-бөлүгүнүн төртүнчү абзацына ылайык: “Кассациялык соттун чечими чыгарылган учурдан тартып мыйзамдуу күчүнө кирет, акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт”.

Ленин округдук шайлоо комиссиясынын 2023-жылдын 31-майындагы протоколуун маалыматтары боюнча № 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышкан шайлоочулардын жалпы саны 51 шайлоо участогунда 17425 шайлоочу болгон, анын ичинен талапкер Д.А. Ниязалиевага 6185 шайлоочу (36,02%) добуш берген, бул добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын санынын үчтөн биринен көбүн түзөт.

Конституциялык мыйзамдын 37-беренесинин 6-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, эгерде талапкер боюнча добуш берүүлөрдүн анык эмес деп таанылган жыйынтыктары добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн биринен ашыгын

камтыса, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонунун натыйжаларын анык эмес деп тааныйт.

КР конституциялык мыйзамынын 37-беренесинин 4-1-бөлүгүнүн экинчи абзацына ылайык, “шайлоо мыйзамдарынын бузулушун аныктоонун натыйжасында добуш берген күндөн кийин талапкер, саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгы анык эмес деп таанылган учурда, шайлоочулардын талапкерге, саясий партияга берген добуштары шайлоо бюллетендерин анык эмес бюллетендерге кошуу менен жараксыз деп таанылат. Мындай талапкер, саясий партия кийинки шайлоого катыша албайт».

**<u>Добуш берүүнүн жыйынтыктары, натыйжаларын белгилөө</u>**

Ленин округдук шайлоо комиссиясынын 2023-жылдын 31-майындагы №5/1 чечими менен “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары - конституциялык Мыйзам) 37-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык № 1062 шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыктары жокко чыгарылган.

№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Ленин округдук шайлоо комиссиясынын 2023-жылдын 31-майындагы протоколундагы маалыматтарга ылайык, 50 шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыктары чыгарылды:

Айдаралиева Таалайкүл Муратовна - 151 добуш (0,87%);
Айтбаев Акыл Казакович - 964 добуш (5,61%);
Суваналиев Омурбек Исакович - 852 добуш (4,96%);
Сарылдык уулу Илгиз - 43 добуш (0,25%);
Субанов Айбек Манасбекович - 274 добуш (1,60%);
Аттокур уулу Илимбек - 889 добуш (5,18%);
Эмилов Темир Аттокурович - 209 добуш (1,00%);
Жеенбеков Равшан Бабырбекович - 402 добуш (2,34%);
Скорняков Андрей Владимирович - 171 добуш (1,00%);
Айткулов Муктарбек Мукулович - 715 добуш (4,16%);
Тербишалиев Данияр Омурзакович - 470 добуш (2,74%);
Сагидаева Салтанат Ариповна - 326 добуш (1,87%);
Керимбеков Бакыт Макенович - 24 добуш (0,14%);
Искаков Эртай Дуйшобекович - 1299 добуш (7,56%);
Сариев Улан Алмасбекович - 2043 добуш (11,90%);
Камбаров Мирлан Адилбекович - 87 добуш (0,51%);
Бекназаров Руслан Азимбекович - 400 добуш (2,33%);
Касмалиев Ажыбек Кадыркулович - 205 добуш (1,19%);
Рысалиев Бактыбек Коржубаевич - 60 добуш (0,34%);
Исмаилова Карачач Джумаевна - 34 добуш (0,20%);
Булекбаев Эркин Касымович - 39 добуш (0,22%);
Тазабекова Гүлшат Алпамышовна - 17 добуш (0,10%);
Кунакунов Максат Касымжанович - 204 добуш (1,19%);
Мадылбеков Эльдар Туратбекович - 114 добуш (0,66%);
Ниязалиева Дамира Абаскановна - 6185 добуш (36,02%);
Бакир уулу Турсунбай - 374 добуш (2,18%);
Макешов Кубанычбек Бектемирович - 28 добуш (0,16%);
Токталиев Акин Усубалиевич - 56 добуш (0,33%);
Маликов Аким Маликович - 68 добуш (0,39%);

- “Баарына каршы” позициясы үчүн 372 шайлоочу добуш берди (2,17%).

**2023-жылдын 28-майында өткөн** №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо **анык эмес деп таанылды** (Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары - КР БШК) 2023-жылдын 16-июнундагы №58 токтому).

**2) № 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоо - 2023-жылдын 10-сентябры**

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары - конституциялык Мыйзам) 38-беренесине ылайык, эгерде шайлоо анрык эмес деп таанылса, кайрап шайлоо дайындалат. Кайра шайлоо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бир айдын ичинде дайындайт.

No 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоо **2023-жылдын 10-сентябрына дайындалган** (КР БШКнын 2023-жылдын 12-июлундагы № 64 токтому ).

**«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын (мындан ары - конституциялык Мыйзам) 63-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык** *«Кайра шайлоо ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген мөөнөттөрдө өткөрүлөт.* ***Мында шайлоо аракеттеринин мөөнөтү үчтөн бирге кыскарат***.*».*

КР БШКнын 2023-жылдын 12-июлундагы № 65 токтому менен №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруучулук жана практикалык иш-чаралардын календардык планы бекитилген.

КР БШКнын 2023-жылдын 12-июлундагы № 130 чечими менен №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилине КР БШКнын төмөнкү жумушчу топтору түзүлдү:

- шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү, талапкерлер, саясий партиялар берген документтерде камтылган маалыматтардын аныктыгын текешерүү боюнча жумушчу топ;
- шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттануулары карооо, маалымдоо маселелери жана үгүт эрежелери боюнча жумушчу топ;
- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына караштуу көзөмөлдөө-текшерүү тобу;
- ыкчам чара көрүү координациялык тобу.

**<u>Шайлоочулардын тизмеси</u>**

№ 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоо боюнча шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнү активдүү шайлоо укугуна ээ, <u>жергиликтүү мамааттын мүчөсү</u> болуп саналган жана биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын бардык жараны киргизилет.

Шайлоочулардын тизмеси шайлоо мезгилинде КР БШК тарабынан Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестриндеги маалыматтардын аныктыгын камсыз кылуу максатында СӨМ (калкты каттоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган) менен биргеликте күн сайын жаңыртылып турат. .

Эгерде шайлоочулардын тизмесинде кандайдыр бир ката же так эместик аныкталса, ошондой эле шайлоочу тизмеде жок болуп калса, шайлоочу 2023-жылдын 30-августун кошуп алганда, шайлоочулардын тизмесиндеги маалыматтарды тактоо үчүн Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун көчүрмөсүн тиркөө аркылуу арыз менен тиешелүү шайлоо участкасына кайрылууга укуктуу. Мында шайлоочу биометрикалык идентификациядан өтөт.

Арызды мыйзамда белгиленген тартипте авторлошуудан өтүү менен электрондук форматта «Тизме» (tizme.gov.kg) мамлекеттик порталындагы «Шайлоочунун кабинети» кызматы аркылуу да берсе болот.

2023-жылдын 10-сентябрына дайындалган №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоодо шайлоочулардын тизмесине **127 239** шайлоочу киргизилген, **анын ичинен 55 495 - эркектер, 71 744 - аялдар же тийиштүүлүгүнө жараша 43,61 % жана 56 .39% түздү.**

51 шайлоо участкасына түзүлгөн муктаждыктар картасына ылайык, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү шайлоочулардын саны **1117** адамды түздү.

**<u>Шайлоо участкалары, шайлоо комиссиялары</u>**

№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунда добуш берүүнү өткөрүү үчүн **51** шайлоо участкасы түзүлүп, анын 92% пандус менен жабдылган.

№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоону уюштурууда Ленин округдук шайлоо комиссиясынын **13** мүчөсү жана 51 шайлоо участкасынын **708** мүчөсү тартылды.

**<u>Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлер</u>**

№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайроа шайлоодо жалпысынан **34** талапкер (28-эркек, 6-аял) көрсөтүлгөн, анын ичинен:

- катталганы– **25** талапкер (эркектер – 19, аялдар – 5);
- 6 талапкер мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуу боюнча арызын кайтарып алды;
- талапкерди каттоо үчүн зарыл болгон документтерди бербегендигине байланыштуу каттоодон баш тартылды - 3 талапкер.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына катталган 1 талапкер андан ары мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуудан баш тартты (КР БШКнын 2023-жылдын 23-майындагы № 108 чечими).

№26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоого бардыгы болуп **24** талапкер (эркектер – 19, аялдар – 5) катышты.

Кыргыз Республикасынын санариптештирүү саясатынын алкагында талапкерлердин маалыматтарынын мыйзам талаптарына ылайык келүүсүн текешерүү (паспорттук маалыматтар, Кыргыз Республикасынын жарандыгы (СӨМ), соттуулугунун жоктугу (ИИМ), жогорку кесиптик билиминин болушу (ББжИМ) ж.б.) «Тундук» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу ишке ашырылды.

**<u>Шайлоону маалыматтык камсыз кылуу</u>**

Кайра шайлоонун жүрүшүндө 2023-жылдын 18-августунда талапкерлерди жана алардын өкүлдөрүн окутуу болуп өттү

Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн окутуу 2023-жылдын май айындагы мөөнөтүнөн мурда шайлоо өнөктүктүгүнүн жүрүшүндө жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунун округдук жана участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн окутуу жүргүзүлгөн эмес.

Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын маалымдоо максатында **3720** даана нуска менен басылмалар чыгарылды.

Округдук жана участкалык шайлоо комиссиялары бардык зарыл болгон усулдук материалдар, маалыматтык плакаттар жана кеңсе буюмдары менен өз учурунда жабдылган. Шайлоо участкаларында көрнөктөр, календарлар илинген. Коомдук жайларда көрнөк-жарнактар илинген.

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык мыйзамга ылайык, шайлоону маалыматтык камсыздоо жарандарды маалымдоону, шайлоо алдындагы үгүт иштерин камтыйт жана жарандардын өз пикирин аң-сезимдүү жана эркин билдирүүгө көмөк көрсөтүүгө жана шайлоонун ачык-айкындуулугуна багытталган.

Конституциялык мыйзамдын 11-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү жазуу жүзүндө тапшырык түшкөндөн кийин Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредитацияланат.

№26 Ленин округу боюнча Жогорку Кеңештин депутатын кайра шайлоону өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы 2023-жылдын 28-июлундагы жыйынында 20 жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет-басылмаларды шайлоо өнөктүгүнө катышуу үчүн аккредитациялоо чечимин кабыл алды.

2023-жылдын 22-августунда КР БШК №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлер үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын телеканалында акысыз эфир убактысын жана "Кабар" Кыргыз улуттук маалымат агенттигинде басма аянтын акысыз бөлүштүрүү боюнча чүчүкулак өткөрдү.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин катышуусунда теледебаттар 2023-жылдын 5-сентябрынан 8-сентябрына чейин кечки мезгилде түз эфирде өттү.

Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө маалымдоо максатында 12 роликтер, 10 интервью, 5 түз эфир, 12 телеберүү даярдалып, 35 жаңылык материалдары интернет басылмаларында жарыяланды.

**<u>Шайлоолорду финансылык камсыз кылуу. Талапкерлердин шайлоо фонддору</u>**

КР БШКнын 2023-жылдын 12-июлундагы №66 токтому менен 2023-жылдын 10-сентябрына дайындалган №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасы **13208,8 миң сом суммасында** бекитилген, анын ичинде:

- №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоону даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл болгон шайлоо комиссиялары үчүн борборлоштурулган сатып алууга каражаттарды кошкондо, КР БШКнын чыгымдары **8 069,2 миң сом суммасында**;
- №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча **5139,6 миң сом суммасында**, алар төмөн турган шайлоо комиссиялары үчүн Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен чыгымдардын сметасы боюнча бөлүштүрүлөт.

Шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө маалымат:

тыс. сом

| Көрсөткүчтөр | Бардык бөлүнгөн каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калдыгы (үнөмдөлгөнү) |
|---|---|---|---|
| **КР ЖК депутатын кайра шайлоо (2023-жылдын 10-сентябры)** | 13 208,8 | 13 142,0 | 66,8 |

**Талапкерлердин шайлоо фонду**

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоо фонддору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына 30 талапкер тарабынан түзүлдү.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлердин шайлоо фонддорунун атайын эсебине жалпысынан **12 миллион сом** түшкөн. Шайлоо алдындагы үгүт иштерине байланышкан чыгымдарды жабууга бир мандаттуу округдар боюнча талапкерлердин шайлоо фонддорунан **12 миллион сом** сарпталды.

Шайлоого катышуу үчүн бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча 30 талапкерден БШКнын депозиттик эсебине түшкөн шайлоо күрөөлөрүнүн жалпы суммасы **3 миллион сомду** түздү (шайлоо күрөөсүнүн өлчөмү ар бир талапкерге 100 миң сомду түзөт). Талапкерлерге шайлоо күрөөсүн кайтарып берүүнүн жалпы суммасы **1 миллион сом** болду. Республикалык бюджетке чегериле турган сумма **2 миллион сомду** түзөт.

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык, шайлоо фонддорунун акча каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтар, шайлоо өнөктүгүн каржылоо жөнүндө талапкерлердин, саясий партиялардын финансылык отчеттору, шайлоо күрөөлөрүнө аелип түшкөн жана кайтарылган суммалар жана мамлекеттик бюджетке чегерилген суммалар жөнүндө маалыматтар жеке маалыматтар жана банк сырлары жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыяланган.

**Мыйзамдуулукту жана шайлоонун коопсуздугун камсыз кылуу**

Жалпысынан шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө 2023-жылдын 10-сентябрына дайындалган № 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоодо даттануулардын жана мыйзам бузуулардын реестрине **33** даттануу жана арыз катталды, анын ичинен **11** - шайлоого даярдык көрүү мезгилинде, **3** - жымжырттык күнү, **19** - шайлоо күнү жана андан кийин келип түшкөн.

Анын ичинде:

- БШКнын ыкчам чара көрүү координациялык тобуна 26 арыз келип түшкөн (анын ичинен **12 арыз добуштарды сатып** алуу боюнча (**11** иш токтотулган, **1** иш сотко жөнөтүлгөн), **административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу** - 2 (**2** иш токтотулган);

- шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо, маалыматтык маселелер жана үгүт эрежелери боюнча жумушчу топко – **7.**

Бардык келип түшкөн арыздар жана даттануулар каралып, алар боюнча чечимдер кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жазуу жүзүндөгү жооптор берилди.

Добуш берүүнүн жыйынтыгына жана шайлоонун натыйжаларына таасир этүүчү каралбаган материалдарда бузуулар боюнча жана/же талапкерлердин ага катыштыгы бар экендиги тууралуу материалдар жок.

Кабыл алынган чечимдер 2023-жылдын 10-сентябрына дайындалган № 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоодо даттануулардын жана мыйзам бузуулардын реестринде Борбордук шайлоо комиссиясынын веб-сайтында чагылдырылды (https://shailoo.gov.kg/ru/reestr- zhalob-i-narushenij-povtorvyborah-10sent-2023/) .

**<u>Добуш берүүнүн жыйынтыктары, натыйжаларды аныктоо</u>**

**Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны 127 239** шайлоочуну түздү, добуш берүүгө **20 171** шайлоочу же **15,85%** катышты.

Талапкерлер төмөнкүдөй добуштарды алышты:

1. Искаков Эртай Дуйшобекович - 882 добуш (4,37%);
2. Искендеров Жеенбек Урудинович - 40 добуш (0,20%);
4. Ажыбеков Руслан Ажыбекович - 286 добуш (1,42%);
5. Кадыралиева Ыргал Кармышаковна - 475 добуш (2,35%);
6. Мамаев Сулайман - 38 добуш (0,19%);
7. Шаршембиев Бакыт Нурджанович - 457 добуш (2,27%);
8. Рысалиев Бактыбек Коржубаевич - 74 добуш (0,37%);
9. Какчекеев Токтогул - 119 добуш (0,59%);
10. Тагаев Русланбек Таштанбекович – 3 835 добуш (19,01%);
11. Аттокур уулу Илимбек - 787 добуш (3,90%);
12. Кермалиев Таалайбек Женишович - 535 добуш (2,65%);
13. Эсенаманов Мурат Кубанович - 357 добуш (1,77%);
14. Булекбаев Эркин Касымович - 52 добуш (0,26%);
15. Мамытов Токтокучук Болотбекович - 641 добуш (3,18%);
16. Ырсалиев Жамалбек Самарбекович – 1 757 добуш (8,71%);
17. Аднаева Нургул Мажитовна - 371 добуш (1,84%);
18. Алмаз Уулу Аскар – 2 632 добуш (13,05%);
19. Капаров Чынгыз Капарович - 316 добуш (1,57%);
20. Сооронбаева Нургуль Момуновна - 106 добуш (0,53%);
21. Исмаилова Карачач Джумаевна - 35 добуш (0,17%);
22. Саралаева Лейла Маратовна - 211 добуш (1,05%);
23. Субанов Айбек Манасбекович - 128 добуш (0,63%);
24. Бакир уулу Турсунбай - 82 добуш (0,41%);
25. Самаков Кубанычбек Карганбекович – 5 279 добуш (26,17%);
26. «Баарына каршы» позициясы боюнча 570 шайлоочу (2,83%) добуш беришти.

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 64-беренесине ылайык, ушул бир мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын эң көп санын **(жөнөкөй көпчүлүк добуш)** алган талапкер бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин шайланган депутаты болуп таанылат..

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдын 64-беренесине жана КР БШКнын 2023-жылдын 20-сентябрындагы № 88 токтомуна ылайык Самаков Кубанычбек Карганбекович №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайланган депутаты болуп таанылды.

**Тиркеме**

## № 26 ЛЕНИН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕНЕШИНИН ДЕПУТАТЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ЖАНА КАЙРА ШАЙЛОО

| № | Шайлоонунун датасы | Шайлоочулардын саны | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Тизмеде | Катышканы | пайыз % |
| 1 | **2023-ЖЫЛДЫН 28- МАЙЫ** | 124 908 | 17 425 | 13.95% |
| 2 | **2023-ЖЫЛДЫН 10-СЕНТЯБРЫ** | 127 239 | 20 171 | 15.85% |

## 1.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН НАРЫН, БАТКЕН, ОШ, ТАЛАС ЖАНА ЧҮЙ ОБЛУСТАРЫНЫН 14 ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО - 2023-ЖЫЛДЫН 9-АПРЕЛИ

Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоо **пропорционалдык система** боюнча, ал эми айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоо **мажоритардык система** боюнча өткөрүлөт.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан шайлоо күнүнө карата 60 календардык күндөн кечиктирбестен дайындалат.

Жергиликтүү кеңештер мөөнөтүнөн мурда таркатылган учурда Президент бир эле убакта жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону дайындайт.

Талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык:

1) **шаарлардын жергиликтүү кеңештерине** – саясий партияларга;

2) **айыл аймактарынын жергиликтүү кеңештерине** – саясий партияларга жана өзүн өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга.

Саясий партия төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө укуктуу:

1) **пропорционалдык система боюнча шайлоодо** – ар бир бирдиктүү шайлоо округу боюнча ошол жергиликтүү кеңеш үчүн белгиленген депутаттык орундардын санынын бир жарым эседен кем эмесинен ашыкан сандагы талапкерлерди;

2) **мажоритардык система боюнча шайлоодо** – ар бир көп мандаттуу шайлоо округу боюнча ошол округ үчүн белгиленген мандаттардын санынан ашпаган сандагы талапкерлерди.

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо – 2023-жылдын 9-апрели**

“Кыргыз Республикасынын Нарын, Баткен, Ош, Талас жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 6-февралындагы №19 Жарлыгы (мындан ары – Жарлык) менен **14 айылдык кеңештин**: Нарын облусунун Жумгал районундагы Чаек, Көк-Ой айылдык кеңештеринин, Баткен облусунун Баткен районундагы Самаркандек, Ак-Сай, Ак-Татыр айылдык кеңештеринин, Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Кеңеш айылдык кеңешинин, Алай районунун Каблан-Көл айылдык кеңешинин, Ноокат районундагы Исанов айылдык кеңешинин, Кара-Суу районундагы Отуз-Адыр айылдык кеңешинин, Талас облусунун Кара-Буура районундагы Шекер, Бейшеке, Бакыян айылдык кеңештеринин, Чүй облусунун Жайыл районундагы Кызыл -Дыйкан айылдык кеңешинин, Аламүдүн районундагы Байтик айылдык кеңешинин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу шайлоо 2023-жылдын 9-апрелине дайындалган.

Ушул Жарлыктын 2-пунктунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына (мындан ары – КР БШК) убактылуу регламентациялоо менен жабдуулардын модернизацияланган түрлөрүн колдонуп, **аралыктан, электрондук добуш берүүнүн формаларын пилоттук режимде апробациялоо** мүмкүнчүлүгүн кароо жана башка зарыл чараларды кабыл алуу тапшырылган.

**<u>Шайлоочулардын тизмеси</u>**

Шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ болгон, жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп саналган жана "Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө" Кыргыз

Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын бардык жарандары киргизилет.

Тийиштүү айыл аймагында, шаарда туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жалпы кызыкчылыктары аркылуу жергиликтүү жамаат менен байланышы бар Кыргыз Республикасынын жараны жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп саналат. Жергиликтүү жамаатта шайлоочунун мүчөлүгү жарандын паспортундагы жашаган жеринде каттоо жөнүндө белгиси менен аныкталат.

Шайлоочулардын тизмесине **72 009** шайлоочу киргизилген, алардын **71 168** шайлоочусу участкаларда, **841** шайлоочу электрондук добуш берүү үчүн киргизилген.

Бардык **53** шайлоо участкасы боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын тизмелери такталып, майыптыктын түрү жана тобу боюнча ар бир шайлоочунун муктаждыктарынын түрү эске алынуу менен керектөө карталары түзүлдү. Шайлоо участкаларынын керектөө карталары боюнча 14 айылдык кеңештин депутаттарын шайлоого **206** мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочу катышты.

Добуш берүүгө **28088** шайлоочу катышып, шайлоочулардын тизмесине киргизилген жалпы сандын **39,01%**ын түздү.

Участкаларда добуш берүү үчүн шайлоочулардын тизмесине киргизилген **71168** шайлоочулардын ичинен **27394** шайлоочу шайлоо участкаларында добуш беришти, бул **38,49%** түзөт.

**<u>Шайлоо участкалары, шайлоо комиссиялары</u>**

14 айылдык кеңештин депутаттарын шайлоодо добуш берүүнү уюштуруу үчүн **53** шайлоо участкасы түзүлүп, анын ичинен **47** шайлоо участкаларында пандустар орнотулду **(88,7%).**

Бардык шайлоо участкалары шайлоо мыйзамдарынын талаптарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көмөктөшүүсү менен керектүү жабдуулар, электр энергиясы, альтернативдик электр энергиясынын булагы, чакыруу копкалары менен жабдылган жайлар менен камсыз кылынган. Ошондой эле ар бир шайлоо участкасында маалымат стенддери орнотулган.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн **9 аймактык шайлоо комиссиясы (110 АШК мүчөсү)** (мындан ары - АШК) иш жүргүзүштү, **53 участкалык шайлоо комиссиясы (651 УШК мүчөсү)** (мындан ары - УШК) түзүлдү. 27 адам оператор, 25 адам техникалык жактан камсыз кылуучу катары ишке тартылды, ошондой эле коопсуздукту жана тартипти камсыз кылууга тартылган Ички иштер министрлигинин кызматкерлери – 122 адам тартылды.

**254** мандатка **14** жергиликтүү кеңеште **42** шайлоо округу түзүлгөн.

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 59-1-беренесинин талаптарына ылайык, аялдарга **97** мандат резервге калтырылган.

2023-жылдын 24-февралынан 4-мартына чейин шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү (769 адам) шайлоонун негизги аспектилери, анын ичинде шайлоо мыйзамдарынын нормалары боюнча окуудан өтүштү.

Шайлоо комиссиялары бардык зарыл болгон усулдук материалдар: АШКнын, УШКнын колдонмолору жана жыйнактары, талапкерлер үчүн жыйнак, плакаттар, календарлар, көрнөктөр менен камсыз болгон

**<u>Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлер</u>**

4 айылдык кеңештин депутаттарын шайлоодо талапкерлерди каттоо инклюзивдүү түрдө жүргүзүлүп, каттоодон баш тартуулардын саны азайтылган.

Өзүн өзү көрсөтүү жолу менен жалпысынан **493** талапкер көрсөтүлгөн, анын ичинен **174** талапкер аялдар болуп саналат. 470 талапкер катталып, анын ичинен 164

талапкер - аялдар. Шайлоого **469** талапкер катышса, анын **164ү** аял талапкер болуп саналат.

**11** адам катталганга чейин арызын кайтарып алган, **13** талапкерди: соттуулугу жоюлбагандыгы үчүн – **2,** каттоодо документтердин толук эмес пакетин бергендиги үчүн - **1**, билими боюнча талаптарга жооп бербегендиги боюнча - **4**, шайлоо күрөөсүн төлөбөгөндүгү үчүн - **6** талапкерди каттоодон баш тартылган, бюллетень бекитилгенден кийин 1 талапкер арызын чакыртып алган.

**Баткен облусу, Баткен району:**

1. Ак-Сай айылдык кеңешине 27 талапкер, анын ичинен 8 аял;
2. Ак-Татыр айылдык кеңешине 29 талапкер, анын ичинен 8 аял;
3. Самаркандек айылдык кеңешине 41 талапкер, анын ичинен 14 аял;

**Ош облусу, Алай, Ноокат, Кара-Кулжа, Кара-Суу райондору:**

4. Кабылан-Көл айылдык кеңешине 21 талапкер, анын ичинен 10 аял;
5. Н.Исанов айылдык кеңешине 56 талапкер, анын ичинен 18 аял;
6. Кеңеш айылдык кеңешине 23 талапкер, анын ичинен 10 аял;
7. Отуз-Адыр айылдык кеңешине 56 талапкер, анын ичинен 22 аял.

**Талас облусу, Кара-Бура району:**

1. Шекери айылдык кеңешине 33 талапкер, анын ичинен 10 аял;
2. Бейшеке айылдык кеңешине 41 талапкер, анын ичинен 12 аял;
3. Бакыян айылдык кеңешине 16 талапкер, анын ичинен 5 аял;

**Чуй облусу, Жайыл жана Аламудун райондору**:

4. Кызыл-Дыйкан айылдык кеңешине 15 талапкер, анын ичинен 6 аял;
5. Байтик айылдык кеңешине 44 талапкер, анын ичинен 16 аял;

**Нарын облусу, Жумгал району:**

6. Чаек айылдык кеңешине 46 талапкер, анын ичинен 17 аял;
7. Көк-Ой айылдык кеңешине 21 талапкер, анын ичиенен 8 аял.

Кыргыз Республикасынын санариптештирүү саясатынын алкагында талапкерлердин маалыматтарынын мыйзам талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму (паспорттук маалыматтары, Кыргыз Республикасынын жарандыгы (СӨМ) жана соттуулугунун жоктугун текшерүү (ИИМ), ж.б.) аркылуу жүргүзүлдү.

**<u>Шайлоолорду маалыматтык камсыз кылуу</u>**

2023-жылдын 13-мартынан 16-мартына чейин жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлер жана алардын өкүлдөрү үчүн тренингдер өткөрүлдү, алар жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун өзгөчөлүктөрү, шайлоо процессиндеги ачык-айкындуулук жана ишенимдүүлүк технологиялары, шайлоо өнөктүгүн жүргүзүүнүн тартиби, шайлоо комиссиялары тарабынан арыздарды жана даттанууларды кароо, юридикалык жоопкерчилик, ошондой эле шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежелери боюнча керектүү маалыматтарды алышты.

Жергиликтүү кеңештерге шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына маалымдоо максатында Борбордук шайлоо комиссиясы **4090** даана нуска менен ар кандай типтеги басма материалдарын, анын ичинде жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлер жөнүндө маалыматтык плакаттарды, маалыматтык плакаттарды (АШКнын, УШКнын добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоо тартиби, шайлоо участкасында шайлоочулардын добуш берүү тартиби, административдик ресурс, добуштарды сатып алуу, юридикалык жоопкерчилик, байкоочу, Брайль шрифиндаги плакат) жана башкаларды чыгарды жана бардык аймактарга жеткирилди,

Коомдук жайларда көрнөк-жарнактар илинди.

Жергиликтүү кеңештерге шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына маалымдоо максатында **6** видеоролик даярдалып, **15** маек, **5** түз эфир, **15** телерепортаж чыгарылып, интернет басылмаларда **30** маалыматтык материал жарыяланган.

**Шайлоону каржылоо**

КР БШКнын 2023-жылдын 8-февралындагы № 3 токтому менен Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерин шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө **18 951,0 миң сом** суммасындагы чыгашалардын сметасы бекитилген.

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерин шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасынын аткарылышы тууралуу маалымат:

миң сом

| Көрсөткүчтөр | Бөлүнгөн бардык каражаттар | Иш жүзүндө чыгымдалганы | Калганы (үнөмдөлгөн) |
| --- | --- | --- | --- |
| **Бардык чыгашалар:** | **18 951,0** | **17 662,5** | **1 288,5** |

**Саясий партиялардын, талапкерлердин шайлоо фонддору**

**Айылдык кеңешке** талапкерлердин шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

- талапкердин өз каражаттарынан - *50 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- саясий партиянын өз каражаттарынан - *100 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- жарандардын ыктыярдуу кайрымдуулуктарынан – *50 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- юридикалык жактардын ыктырдуу кайрымдуулуктарынан - *50 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.*

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен чыгымдардын чектелген суммасы 500 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.

«Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аркеттенүү системасы аркылуу банк мекемелеринен алынган маалыматтарга ылайык, талапкерлердин **шайлоо фонддорунун атйын эсептерине 728,8 миң сом жалпы суммасындагы акча каражаттары келип түшкөн.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга талапкерлердин фонддорунун каражаттарынан **660, 2 миң сом чыгымдалган.**

Шайлоо күрөөсү катары КР БШКнын **депозиттик эсебине** айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлерден (1 талапкерге 1000 сом) **493 миң** сом келип түшкөн. Шайлоо күрөөсүн кайтарып берүү суммасы **446 миң сом** болгон. Республикалык бюджеттин кирешесине которуу үчүн сумма **47 миң сомду** түзгөн.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, шайлоо фонддоруна каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтар, талапкерлердин шайлоо өнөктүгүн каржылоо боюнча финансылык отчеттору, келип түшкөн акча каражаттары жана шайлоо күрөөлөрүнөн кайтарылган акча каражаттары жана мамлекеттик бюджетке чегерилген сумма жөнүндө маалыматтар жеке маалыматтар жана банк сырлары жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыяланган.

**Мыйзамдуулукту жана шайлоолордун коопсуздугун камсыз кылуу**

Шайлоонун мыйзамдуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу максатында Борбордук шайлоо комиссиясынын жана АШКнын деңгээлинде ыкчам чара көрүү

боюнча координациялык топтор (ТРТ) түзүлүп, анын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирген.

Топтордун негизги милдети шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна ыкчам чара көрүү жана көрүлгөн чаралар жөнүндө жарандарга маалымдоо болуп саналат.

Шайлоону өткөрүүнүн жүрүшүндө бир гана даттануу катталган. Текшерүүнүн жыйынтыгы менен кылмыш курамы жок болгондуктан кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

## Жыйынтыктарды чыгаруу

Шайлоочулардын тизмесине жалпысынан **72 009** шайлоочу киргизилген, анын **71 168и** шайлоочусу шайлоо участкаларында, 841 шайлоочу электрондук добуш берүүнүн тизмесине киргизилген.

Добуш берүүгө жалпысынан **28 088** шайлоочу катышып, шайлоочулардын тизмесине киргизилген жалпы сандын **39,01%** түздү:

• Шайлоо участкасында добуш берген шайлоочулардын саны 27394 шайлоочу болду, бул **38,49%** түздү.

• Электрондук добуш берүүгө 841 шайлоочунун **694**ү катышты, бул электрондук добуш берүү үчүн шайлоочулардын тизмесине киргизилген сандын **82,52%** түздү.

9 аймактык шайлоо комиссиялары (АШК) шайлоо участкаларынан келип түшкөн протоколдордун негизинде добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарышты жана алардын негизинде жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктарын аныкташты.

14 айылдык кеңеште жалпы депутаттык мандаттардын саны **254** болсо, анын ичинен **97** мандат райондордо аялдар үчүн сакталып, **470** талапкер катталган, анын ичинен **164** аял талапкер.

Бардыгы болуп **254** депутат шайланган, алардын ичинен **102** аял депутат.

14 айылдык кеңештин шайланган депутаттары тууралуу маалымат КР БШКнын расмий сайтында https://shailoo.gov.kg/ru/news/6633/ шилтемеси боюнча жарыяланган.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, аймактык шайлоо комиссиялары 14 айылдык кеңештин шайланган депутаттарын каттоо жөнүндө чечимдерди кабыл алышты жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырышты.

**Тиркеме**

**2023-ЖЫЛДЫН 9-АПРЕЛИНДЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН, ОШ, ТАЛАС, ЧҮЙ ЖАНА НАРЫН ОБЛУСТАРЫНЫН АЙРЫМ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО**

| № | Облустун, райондун, кеңештин аталыштары | мандат-тар | талапкерлер | Шайлоочулардын саны | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Баары: 5 облус, 9 район, 14 айылдык кенештер (42 округ, 53 УШК)** | **254** | **469, алардын ичинен 164 аял** | **тизмеде** | **катыш-кан** | **пайыз %** |
| | | | | **72009** | **28088** | **39,01** |
| | **1 Баткен облусу, Баткен району 1** | **63** | **97 / 30 аял** | **16178** | **5220** | **32,27** |
| 1 | Ак-Сай айылдык кенеши (3 округ, 5 УШК) | 21 | 27 / 8 аял | 4527 | 1457 | **32,18** |
| 2 | Ак-Татыр айылдык кенеши (3 округ, 3 УШК) | 21 | 29 / 8 аял | 4083 | 1640 | **40,17** |
| 3 | Самаркандек айылдык кенеши (4 округ, 5 УШК) | 21 | 41 / 14 аял | 7568 | 2123 | **28,05** |
| | **2 Ош облусу** | **74** | **156 / 60 аял** | **26977** | **10854** | **40,23** |
| | **Алай району 2** | **11** | **21 / 10 аял** | **1777** | **789** | **44,40** |
| 4 | Кабылан-Көл айылдык кенеши (2 округ, 2 УШК) | 11 | 21 / 10 аял | 1777 | 789 | 44,40 |
| | **Кара-Кулжа району 3** | **11** | **23 / 10 аял** | **2106** | **809** | **38,41** |
| 5 | Кенеш айылдык кенеши (2 округ, 2 УШК) | 11 | 23 / 10 аял | 2106 | 809 | 38,41 |
| | **Кара-Суу району 4** | **21** | **56 / 22 аял** | **12273** | **4756** | **38,75** |
| 6 | Отуз - Адыр айылдык кенеши (3 округ, 7 УШК) | 21 | 56 / 22 аял | 12273 | 4756 | 38,75 |
| | **Ноокат району 5** | **31** | **56 / 18 аял** | **10821** | **4500** | **41,59** |
| 7 | Н. Исанов айылдык кенеши (7 округ, 8 УШК) | 31 | 56 / 18 аял | 10821 | 4500 | 41,59 |
| | **3 Талас облусу** | **53** | **90 / 27 аял** | **9545** | **4641** | **48,62** |
| | **Кара-Буура району 6** | **53** | **90 / 27 аял** | **9545** | **4641** | **48,62** |
| 8 | Бакыян айылдык кенеши (1 округ, 1 УШК) | 11 | 16 / 5 аял | 2447 | 1244 | 50,84 |
| 9 | Бейшеке айылдык кенеши (3 округ, 3 УШК) | 21 | 41 / 12 аял | 3748 | 1866 | 49,79 |
| 10 | Шекер айылдык кенеши (2 округ, 2 УШК) | 21 | 33 / 10 аял | 3350 | 1531 | 45,70 |
| | **4 Чүй облусу** | **32** | **59 / 22 аял** | **9065** | **3512** | **38,74** |
| | **Аламүдүн району 7** | **21** | **44 / 16 аял** | **6340** | **2985** | **47,08** |
| 11 | Байтик айылдык кенеши (4 округ, 4 УШК) | 21 | 44 / 16 аял | 6340 | 2985 | 47,08 |
| | **Жайыл району 8** | **11** | **15 / 6 аял** | **2725** | **527** | **19,34** |
| 12 | Кызыл-Дыйкан айылдык кенеши (2 округ, 2 УШК) | 11 | 15 / 6 аял | 2725 | 527 | 19,34 |
| | **5 Нарын облусу** | **32** | **67 / 25 аял** | **10244** | **3861** | **37,69** |
| | **Жумгал району 9** | **32** | **67 / 25 аял** | **10244** | 3861 | 37,69 |
| 13 | Кок-Ой айылдык кенеши (2 округ, 3 УШК) | 11 | 21 / 8 аял | 2054 | 882 | 42,94 |
| 14 | Чаек айылдык кенеши (4 округ, 6 УШК) | 21 | 46 / 17 аял | 8190 | 2979 | 36,37 |

## 1.3. ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУНДАГЫ САРУУ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО – 2023-ЖЫЛДЫН 8-ОКТЯБРЫ

"Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 8-августундагы №183 Жарлыгы (мындан ары - Жарлык) менен Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо 2023-жылдын 8-октябрына дайындалган.

Жарлыктын 2-пунктунда, 3-пунктунун бешинчи абзацында **аралыктан добуш берүүнүн формасын** пилоттук режимде апробациялоо жана шайлоо участкаларында шайлоочуларды идентификациялоонун көп функционалдуу жабдуусун колдонуу мүмкүнчүлүгүн карoo тапшырылган.

**<u>Шайлоочулардын тизмеси</u>**

Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын кезектеги шайлоодо шайлоочулардын тизмесине **6062** шайлоочу киргизилген, алардын **5952** шайлоочусу шайлоо участкасында добуш берүүгө, **110** шайлоочу аралыктан добуш берүүгө катышты.

4 шайлоо участогу боюнча түзүлгөн муктаждыктар картасына ылайык, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү шайлоочулардын саны 12 адамды түздү.

**<u>Шайлоо участкалары, шайлоо комиссиялары</u>**

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине ылайык Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча добуш берүүнү уюштуруу, пандустар жана чакыруу кнопкалары менен жабдылган **4 шайлоо участкасы жана 1 аралыктан добуш берүү участкасы** ачылды.

Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону уюштурууга Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын **12** мүчөсү, ошондой эле төрт участкалык шайлоо комиссиясынын **48** мүчөсү тартылган.

Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын чечими менен **аралыктан добуш берүү үчүн участкалык шайлоо комиссиясы** түзүлүп, анын курамына шайлоо комиссиясынын 7 мүчөсү тартылган.

Белгилей кетсек, аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларында майыптыгы бар 37 жаран иштейт.

2023-жылдын 4 жана 20-сентябрында шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө (60 адам) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун негизги аспектилери, анын ичинде шайлоо мыйзамдарынын нормалары боюнча окуулар өткөрүлдү.

Шайлоо комиссияларынын ишин уюштуруу, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана Саруу айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлерди окутуу максатында Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы комиссияларды зарыл болгон усулдук окуу куралдары жана кеңсе буюмдары менен камсыз кылды.

Шайлоо участкаларында календарлар, көрнөктөр жана плакаттар илинди (юридикалык жоопкерчилик, добуштарды сатып алууга каршы күрөшүү, административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланууга каршы күрөшүү, шайлоочулардын тизмеси боюнча түшүндүрмөлөр, шайлоо участкасында шайлоочулардын добуш берүү тартиби, шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөсүнүн тартиби, мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн плакаттар).

2023-жылдын 18-сентябрында Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону так жана ачык-айкын өткөрүү максатында, шайлоо процессинин негизги маселелери боюнча Саруу айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге окуулар өткөрүлдү.

**<u>Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлер</u>**

“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине ылайык, айыл аймагынын жергиликтүү кеңештерине депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү укугу саясий партияларга жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга таандык.

Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешине бардык 41 талапкер көрсөтүлүп, катталды, алардын 13ү аялдар болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын санариптештирүү саясатынын алкагында талапкерлердин маалыматтарынын мыйзам талаптарына ылайык келүүсүн текешерүү (паспорттук маалыматтар, Кыргыз Республикасынын жарандыгы (СӨМ), соттуулугунун жоктугу (ИИМ), жогорку кесиптик билиминин болушу (ББжИМ) ж.б.) «Тундук» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу ишке ашырылды.

**<u>Шайлоону маалыматык камсыз кылуу</u>**

Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү тууралуу шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына маалымдоо максатында 5 роликтер, 12 маек, 6 түз эфир, 10 телерепортаж даярдалган. 32 жаңылык материалдары интернет басылмаларында жарыяланды.

Шайлоочуларга аралыктан добуш берүүнү жакшыраак түшүндүрүү үчүн видеотасма тартылып, УТРК, ЭЛТР телеканалдарында жана социалдык тармактарда көрсөтүлдү.

**<u>Шайлоону каржылоо</u>**

Борбордук шайлоо комиссиясынын 2023-жылдын 9-августундагы № 73 токтому менен Кыргыз Республикасынын Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасы **1 128,1 миң сом** суммасында бекитилген.

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерин шайлоону даярдоого жана уюштурууга чыгымдардын сметасын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалымат:

миң сом

| **Көрсөткүчтөр** | **Бардык бөлүнгөн каражаттар** | **Иш жүзүндө чыгымдалганы** | **Калдыгы (үнөмдөлгөнү)** |
|---|---|---|---|
| КР Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо | **1 128,1** | **1 034,0** | **94,1** |

**Саясий партиялардын, талапкерлердин шайлоо фонддору**

**Айылдык кеңешке** талапкерлердин шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

- талапкердин өз каражаттарынан - *50 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*

- саясий партиянын өз каражаттарынан - *100 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- жарандардын ыктыярдуу кайрымдуулуктарынан – *50 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес;*
- юридикалык жактардын ыктырдуу кайрымдуулуктарынан - *50 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.*

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен **чыгымдардын чектелген суммасы** 500 000 сомдон ашышы мүмкүн эмес.

«Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аркеттенүү системасы аркылуу банк мекемелеринен алынган маалыматтарга ылайык, талапкерлердин **шайлоо фонддорунун атйын эсептерине 85,4 миң сом жалпы суммасындагы акча каражаттары келип түшкөн.** Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды жабууга талапкерлердин фонддорунун каражаттарынан 81**,5 миң сом чыгымдалган.**

Шайлоо күрөөсү катары КР БШКнын **депозиттик эсебине** айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлерден **41 миң** сом келип түшкөн. Шайлоо күрөөсүн кайтарып берүү суммасы **37 миң сом** болгон. Республикалык бюджеттин кирешесине которуу үчүн сумма **4 миң сомду** түзгөн.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, шайлоо фонддоруна каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтар, талапкерлердин шайлоо өнөктүгүн каржылоо боюнча финансылык отчеттору, келип түшкөн акча каражаттары жана шайлоо күрөөлөрүнөн кайтарылган акча каражаттары жана мамлекеттик бюджетке чегерилген сумма жөнүндө маалыматтар жеке маалыматтар жана банк сырлары жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыяланган.

## Шайлоолордун мыйзамдуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу

Шайлоонун мыйзамдуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу максатында Борбордук шайлоо комиссиясынын жана АШКнын деңгээлинде ыкчам чара көрүү боюнча координациялык топтор (ЫЧКТ) түзүлүп, анын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирген.

Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоого даярдык көрүүнүн жана өткөрүүнүн жүрүшүндө даттануулар жана арыздар түшкөн жок.

## Жыйынтыктарды чыгаруу

Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын кезектеги шайлоодо шайлоочулардын тизмесине **6062** шайлоочу киргизилген, алардын ичинен **5952** шайлоочу шайлоо участкасында добуш берүүгө, **110** шайлоочу аралыктан добуш берүүгө катышты.

Добуш берүүгө жалпысынан **1611** шайлоочу катышып, бул шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын жалпы санынын **26,58%** түздү.

Участкаларда жалпысынан **1547** адам добуш берди, бул шайлоо участкаларында добуш берүү үчүн тизмеге киргизилген шайлоочулардын **25,99%** түздү.

64 шайлоочу аралыктан добуш берди, бул аралыктан добуш берүү үчүн шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын **58,18%** түздү.

Жыйынтыгында 21 депутат шайланды, алардын 9 аял депутаттар болуп саналат.

**Тиркеме**

**Электрондук добуш берүүнү жана модернизацияланган жабдууларды апробациялоо**

| **Облустардын, райондордун, кеңештердин аталышы** | **Шайлоочулардын жалпы саны** | | | **Электрондук жана шайлоо участкаларындагы шайлоочулардын саны** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баткен облусунда, Баткен районундагы 3 айыл кеңештериндеги 10 округда, 13 УШКда** | **Тизмеде** | **Катышкан** | **Процент Пайыз** | **Электрондук добуш берүүдө** | | | **Участкада добуш берүүдө** | | |
| | **16178** | **5220** | **32,27** | **Катталган** | **Катышкан** | **Пайыз** | **Участкада** | **Катышкан** | **Пайыз** |
| | | | | **841** | **694** | **82,52** | **15337** | **4526** | **29,51** |
| Ак-Сай айылдык кенеши (3 округ, 5 УШК) | 4527 | 1457 | **32,18** | 311 | 266 | 85,53 | 4216 | 1191 | **28,25** |
| **№1 Ак-Сайшайлоо округу**<br>*Ак-Сай айылындагы 8064 шайлоо участкасы* | 1311 | 607 | **46,30** | 187 | 172 | 91,98 | 1124 | 435 | **38,70** |
| **№2 Көк-Таш шайлоо округу** | 1856 | 451 | **24,30** | 78 | 53 | 67,95 | 1778 | 398 | **22,38** |
| *Көк-Таш айылындагы 8063 шайлоо участкасы* | 1496 | 333 | **22,26** | 67 | 46 | 68,66 | 1429 | 287 | **20,08** |
| *Миң-Булак айылындагы 8219 шайлоо участкасы* | 360 | 118 | **32,78** | 11 | 7 | 63,64 | 349 | 111 | **31,81** |
| **№3 Үч-Дөбө шайлоо округу** | **1360** | **399** | **29,34** | 46 | 41 | 89,13 | 1314 | 358 | **27,25** |
| *Үч-Дөбө айылындагы 8062 шайлоо участкасы* | 1146 | 325 | **28,36** | 28 | 23 | 82,14 | 1118 | 302 | **27,01** |
| *Избирательный участок 8198 с. Таш-Тумшук* | 214 | 74 | **34,58** | 18 | 18 | 100 | 196 | 56 | **28,57** |
| Ак-Татыр айылдык кенеши 3 округ, 3 УШК | 4083 | 1640 | **40,17** | 241 | 215 | 89,21 | 3842 | 1425 | **37,09** |
| **№1 Ак-Татыр шайлоо округу**<br>*Ак-Татыр айылындагы 8056 шайлоо участкасы* | 2148 | 822 | **38,27** | 156 | 133 | 85,26 | 1992 | 689 | **34,59** |
| **№2 Рават шайлоо округу**<br>*Рават айылындагы 8055 шайлоо участкасы* | 1338 | 516 | **38,57** | 51 | 51 | 100 | 1287 | 465 | **36,13** |
| **№3 Орто-Боз шайлоо округу**<br>*Орто-Боз айылындагы 8061 шайлоо участкасы* | 597 | 302 | **50,59** | 34 | 31 | 91,18 | 563 | 271 | **48,13** |
| Самаркандек айылдык кенеши 4 округ, 5 УШК | 7568 | 2123 | **28,05** | 289 | 213 | 73,70 | 7279 | 1910 | **26,24** |
| **№1 Самаркандек шайлоо округу**<br>*Самаркандек айылындагы 8059 шайлоо участкасы* | 2388 | 641 | **26,84** | 67 | 55 | 82,09 | 2321 | 586 | **25,25** |
| **№2 Орто-Сай шайлоо округу**<br>*Орто-Сай айылындагы 8058 шайлоо участкасы* | 2092 | 532 | **25,43** | 78 | 55 | 70,51 | 2014 | 477 | **23,68** |
| **№3 Паскы-Арык шайлоо округу** | 1798 | 556 | **30,92** | 97 | 66 | 68,04 | 1701 | 490 | **28,81** |
| *Паскы-Арык айылындагы 8060 шайлоо участкасы* | 1479 | 444 | **30,02** | 75 | 52 | 69,33 | 1404 | 392 | **27,92** |
| *Миң-Орок айылындагы 8086 шайлоо участкасы* | 319 | 112 | **35,11** | 22 | 14 | 63,64 | 297 | 98 | **33,00** |
| *№ 4 Жаны-Бак шайлоо округу*<br>*Жаңы-Бак айылындагы 8057 шайлоо участкасы* | 1290 | 394 | **30,54** | 47 | 37 | 78,72 | 1243 | 357 | **28,72** |

**2023-жылдын 8-октябрында өткөн Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоодо шайлоочулардын, аралыктан добуш берүүгө катышкандардын саны жөнүндө маалымат**

| Шайлоо округунун аталышы | УШК саны жана номери | Шайлооч у-лардын жалпы саны | Катыш -кандар | Каты-шуунун жалпы % | Шайлоо участкасын-дагы шайлоочулар -дын саны | Шайлоо учткасын -да катышка н-дар | Каты ш-уу % | Аралыктан добуш берүүгө киргизилге н-дер | Аралык-тан добуш берүүгө катыш-кандар | Каты-шуу % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| БААРЫ | 4 | 6062 | 1611 | 26,58 | 5952 | 1547 | 25,99 | 110 | 64 | 58,18 |
| №1 Саруу шайлоо округу | 3191 МҮ, ЖЭЭРЕНБ АЙ АЖЫ 59 | 1 871 | 515 | 27,53 | 1831 | 496 | 27,09 | 40 | 19 | 47,50 |
| №2 Санаторий шайлоо округу | 3190 ОМ, ЖЭЭРЕНБ АЙ АЖЫ 57 | 2018 | 588 | 29,14 | 1977 | 560 | 28,33 | 41 | 28 | 68,29 |
| | 3192 САНАТОР ИЙ 1 | 187 | 73 | 39,04 | 186 | 72 | 38,71 | 1 | 1 | 100,00 |
| №3 Чабалдар шайлоо округу | 3249 ОМ МАМАЖА Н 39 | 1986 | 435 | 21,90 | 1958 | 419 | 21,40 | 28 | 16 | 57,14 |

## 2-БӨЛҮМ. ЖАРАНДАРДЫН ШАЙЛОО УКУКТАРЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖАНА УКУКТУК МАДАНИЯТЫН ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР

### 2.1. Жарандардын шайлоого катышуусу үчүн шарттарды жакшыртуу – электрондук, аралыктан добуш берүүнү апробациялоо

1) **Электрондук добуш берүү.**

***Укуктук чаралар:***

«Кыргыз Республикасынын Нарын, Баткен, Ош, Талас жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 6-февралындагы №19 Жарлыгынын 2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына «убактылуу регламенттөө жана башка зарыл болгон чараларды көрүү менен аралыктан, электрондук добуш берүү формаларын, жабдуулардын модернизацияланган түрлөрүн колдонууну пилоттук режимде апробациялоо мүмкүнчүлүгүн кароо» тапшырылган.

Жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, шайлоо процессинде колдонулуучу технологияларды өркүндөтүү үчүн шарттарды түзүү максатында Борбордук шайлоо комиссиясы «2023-жылдын 9-апрелине дайындалган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо электрондук добуш берүүнү жана идентификациялоонун модернизацияланган жабдууларын пилоттук режиминде апробациялоо жөнүндө» 2023-жылдын 22-февралындагы № 12 токтомду кабыл алган.

Жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен Пилоттук режимде электрондук добуш берүүнүн тартиби жөнүндө Убактылуу жобо бекитилген, ошондой эле Баткен облусунун Баткен районундагы Самаркандек айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоодо пилоттук режимде электрондук добуш берүүнүн формасын апробациялоо чечими кабыл алынган.

Көрсөтүлгөн токтомго 2023-жылдын 7-мартындагы № 17 токтом менен Баткен облусунун Баткен районундагы Ак-Сай жана Ак-Татыр айылдык кеңештеринин депутаттарын шайлоодо пилоттук режимде электрондук формада добуш берүүнү апробациялоо жөнүндө өзгөртүү киргизилген.

2023-жылдын 22-мартында Борбордук шайлоо комиссиясы Баткен облусунун Баткен районундагы Самаркандек айылдык кеңешинин 5 – №8059, №8058 №8060, №8186, №8087 шайлоо участкаларын шайлоочуларды идентификациялоонун модернизацияланган жабдууларын пилоттук режимде апробациялоо үчүн участкалар деп белгилөө жөнүндө № 6 чечимди кабыл алган.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо шайлоочу биометрикалык идентификациялоодон өтүшү жөнүндө нормалар «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында (мындан ары – Мыйзам) каралган:

- арыз берүү учурунда шайлоо участкасында шайлоочулардын тизмесин тактоо жөнүндө (13-берененин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацы);
- добуш берүү үчүн (13-берененин 7-бөлүгүнүн биринчи жана сегизинчи абзацтары).

Мында, Мыйзамдын 31-беренесинин 7-бөлүгүнүн экинчи абзацына ылайык: «*Шайлоочуну анын биометрикалык жана (же) жекече маалыматтары боюнча идентификациялоо үчүн <u>шайлоочунун макулдугу талап кылынбайт</u>*».

Мыйзамдын 13-беренесинин 2-бөлүгүнүн төртүнчү абзацына ылайык: *«Шайлоочу мыйзамдарда белгиленген тартипте авторлоштуруудан өтүп, мамлекеттик порталдагы «шайлоочунун кабинети» деген сервис аркылуу электрондук түрдө да арыз берүүгө укуктуу».*

Буга байланыштуу, шайлоочулар үчүн электрондук добуш берүү шарттары мыйзамдардын колдонуудагы талаптарын максималдуу сактоо менен ишке ашырылган.

Электрондук добуш берүүгө жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп саналган, көрсөтүлгөн айыл аймактарында туруктуу каттоосу бар, бирок шайлоо күнүндө шайлоо участкасында добуш берүү мүмкүнчүлүгү болбогон Кыргыз Республикасынын жарандары катыша алган.

Электрондук добуш берүү шайлоо күнүнө чейин 15 күн мурда электрондук формада добуш берүү ниети жөнүндө арыз берген шайлоочулар үчүн шайлоо укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүнүн кошумча ыкмасы катары участоктордо добуш берүү менен удаалаш жүзөгө ашырылган.

***Идентификациялоонун модернизацияланган жабдуулары:***

Көрсөтүлгөн «2023-жылдын 9-апрелине дайындалган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо электрондук добуш берүүнү жана идентификациялоонун модернизацияланган жабдууларын пилоттук режиминде апробациялоо жөнүндө» 2023-жылдын 22-февралындагы № 12 токтомдун 1-пунктунун 2-пунктчасында 2023-жылдын 9-апрелине дайындалган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо айрым шайлоо участокторунда шайлоочуларды идентификациялоонун мультифункционалдык жабдууларын пилоттук режимде апробациялоо тууралуу чечим кабыл алынган.

Жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 4-пункту менен түзүлгөн Шайлоочуларды идентификациялоо программаларын өркүндөтүү боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтун ишинин жүрүшүндө төмөнкүдөй функциялары бар шайлоочуларды идентификациялоонун мультифункционалдык жабдууларын пилоттук режимде апробациялоо сунуш кылынган:

- паспорттун MRZ-зонасын окуу;
- колдун манжаларынын тактарынын сканери;
- беттин геометриясы боюнча идентификациялоо үчүн камера;
- жүргүзүлүп жаткан бетти идентификациялоо жөнүндө маалыматты дисплейде чагылдыруу;
- биометрикалык идентификациялоо жол-жобосунан ийгиликтүү өткөндөн кийин тиешелүү шайлоо округунун шайлоо бюллетендеринин мөөрүнүн функциясы.

Азыркы учурда көрсөтүлгөн функциялар жабдуулардын бүтүндөй комплекси тарабынан өз-өзүнчө аткарылып жатат.

Пилоттук режимде электрондук добуш берүүдө добуш берүүнүн жашыруундугун, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтардын жыйындысында шайлоочулардын эрк билдирүүсүн эсепке алуунун ишенимдүүлүгүн сактоо менен электрондук шайлоо бюллетенин пайдалануу менен мультифункционалдык жабдуулар, жарандык контролдоо жана мониторинг инструменттери, ошондой эле электрондук добуш берүү учурунда шайлоочуларды идентификациялоо, анын ичинде ***алардын мобилдүү телефондору аркылуу жаңы «Liveness» технологиясы*** боюнча идентификациялоо үчүн идентификациялоонун өркүндөтүлгөн программасы апробацияланды, бул туруктуу катталган жери боюнча убактылуу жоктугунан улам (чет өлкөлөргө эмгек миграциясы, *2022-жылдын 17-сентябрындагы Баткен окуяларынан* келип чыккан ички миграция) шайлоо участкасында добуш берүү мүмкүнчүлүгү болбогон шайлоочулар үчүн добуш берүүчү жайдан тышкары жерде эрк билдирүүнү жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылды.

Электрондук түрдө добуш берүү үчүн шайлоочу мобилдүү жабдууда «МЕНИН ШАЙЛООМ» тиркемесин орнотууга же болбосо электрондук добуш берүүнүн **dobush.shailoo.gov.kg.** сайтына жекече компьютер же мобилдүү телефон аркылуу кирүүгө тийиш болгон.

Электрондук добуш берүү системасын текшерүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясы 2023-жылдын 3 жана 4-апрелинде тесттик добуш берүүнү өткөргөн.

Келечекте шайлоо бюллетендерин басып чыгаруу мүмкүнчүлүгү бар идентификациялоонун мындай жабдууларын пайдалануу биометрикалык идентификациялоо жол-жобосунан ийгиликтүү өткөн шайлоочулардын санына жараша зарыл сандагы бюллетендерди гана даярдап, типографияда шайлоо бюллетендерин даярдоодон үнөмдөөгө түрткү берет.

***Электрондук добуш берүүчү шайлоочулардын тизмесин түзүү:***

Төмөнкүдөй 14 өлкөнүн ичинен Баткен районунун 2 айылдык кеңешинин мүчөлөрү – **841 шайлоочу** электрондук добуш берүүгө катышуу үчүн арыз берди жана **электрондук добуш берүүчү шайлоочулардын тизмесине киргизилди**:

*Кыргызстан – 463 (анын ичинде: Бишкек ш. - 397, Баткен ш. - 18, Ош ш. - 32, Чүй обл. – 16), Россия Федерациясы – 364, Литва – 2, Грузия – 1, Казакстан – 1, Америка – 1, Корея – 1, Дубай – 1, Египет – 2, Түркия – 2, Чехия – 1, Испания – 1, Италия – 1.*

Баткен облусунун Баткен районундагы Ак-Сай, Ак-Татыр жана Самаркандек айылдык кеңештери боюнча, Бишкек шаарында жана Чүй облусунда, ошондой эле Россия Федерациясынын Москва жана Нижний Новгород шаарларында шайлоочулардын тизмелерине киргизилген шайлоочулар үчүн көчмө мобилдүү топтор электрондук добуш берүүгө катышуу тартиби жөнүндө маалыматтык-түшүндүрүү ишин жүргүздү жана биометрикалык каттоо, булуттук электрондук колтамганы (БЭК) берүү жүзөгө ашырылды.

***Электрондук добуш берүүгө катышуу:***

Электрондук добуш берүүгө **694 шайлоочу катышты,** бул электрондук добуш берүүчү шайлоочулардын тизмесине киргизилгендердин жалпы санынын **82.52%ын** түздү.

Электрондук добуш берүүгө катышкандардын жалпы санынын ичинен **675** шайлоочу (80%) – мобилдүү жабдууларды, **12** шайлоочу (1,43%) – компьютерди жана ноутбукту, **7** шайлоочу (0,83%) «Менин шайлоом» мобилдүү тиркемесин пайдаланды.




Электрондук добуш берүүгө катышкан 694 шайлоочунун ичинен эркектер - 451, аялдар – 243; 18ден 29 жашка чейинки курактагы адамдар – 241, 30дан 39 жашка чейинки – 220,

40тан 49 жашка чейинки курактагылар – 138, 50дөн 59 жашка чейин – 59, 60тан 69 жашка чейин – 27, 70 жаштагы жана андан улуу – 7 шайлоочу.

| ЭДга катышкан шайлоочулардын саны | Гендер боюнча | | Курагы боюнча | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | эркектер | аялдар | 18-29 | 30-39 | 40-49 | 50-59 | 60-69 | 70- |
| 694 | 451 | 243 | 241 | 220 | 138 | 59 | 27 | 9 |

Электрондук добуш берүүнү өткөрүүдө добуш берүүнүн жашыруундугу кепилденген, ал криптография (шифрлөө) менен камсыз кылынган. Ар бир шайлоочу жыйынтыктоочу эсептөө учурунда эсепке алуу үчүн добуш берүүнүн маалыматтарын БШКнын серверине берүүнүн өзгөрбөстүгүн өзүнүн шифрлөө коду аркылуу текшере алган.

Өзүн-өзү контролдоо жана жалпы мониторинг үчүн шайлоочулардын добуш берүүсүнүн коддорунун лентасы dobush.shailoo.gov.kg сайтында жана Борбордук шайлоо комиссиясынын имаратында электрондук добуш берүүгө байкоо жүргүзүү борборунда көрсөтүлгөн (*скрин төмөндө).*




Добуш берүү күнүнүн ичинде электрондук добуш берүү системасында электрондук добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны жөнүндө маалымат чагылдырылган.

Добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын тизмелерин мыйзамдарга ылайык Борбордук шайлоо комиссиясынын сайтында жарыялоо жалпы мониторингдин жана контролдоонун маалыматы болуп саналат.

Press F11 to exit full screen

БАТКЕН ОБЛУСУНУН БАТКЕН РАЙОНУНДАГЫ САМАРКАНДЕК, АК-САЙ ЖАНА АК-Т[illegible]ОДО ЭЛЕКТРОНДУК ДОБУШ БЕРҮҮНҮ ПИЛОТТУК РЕЖИМДЕ АПРОБАЦИЯЛОО

## Электрондук добуш берүүнүн тизмесине киргизилген, анын ичинде добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын тизмеси

Катталган шайлоочулар (бардыгы **841**), анын ичинде добуш бергендер (бардыгы **694**)

| ФАА | Баардыгы | Убактысы ▼ | Добуш берүүгө катышуу статусу |
|---|---|---|---|
| ТАШ***** ИСЛ** КАЙ****** | 8064 | 2023-04-09 19:54:56 | Добуш берди |
| АЙТ*** КЫЗ* НАЗ*** | 8056 | 2023-04-09 19:45:40 | Добуш берди |
| АНА***** ИСЛ***** ШАМ********* | 8056 | 2023-04-09 19:43:15 | Добуш берди |
| ЭГЕ********* ТОК***** АБД********* | 8062 | 2023-04-09 19:43:06 | Добуш берди |
| ГАП**** МАК****** АБД********* | 8059 | 2023-04-09 19:40:41 | Добуш берди |
| КУД********* АЗА*** ДАС********** | 8059 | 2023-04-09 19:40:33 | Добуш берди |
| АБД****** КЫЗ* НАЗ*** | 8063 | 2023-04-09 19:34:21 | Добуш берди |
| НАЗ**** АБД**** БАБ***** | 8056 | 2023-04-09 19:30:03 | Добуш берди |
| СУЙ**** ДАС****** САА******** | 8198 | 2023-04-09 19:27:48 | Добуш берди |
| МАМ**** ҮСӨ* АКМ****** | 8058 | 2023-04-09 19:27:43 | Добуш берди |

Добуш берүү күнүнүн ичинде **dobush.shailoo.gov.kg** сайтында жана Борбордук шайлоо комиссиясынын имаратында электрондук добуш берүүгө байкоо жүргүзүү борборунда добуш берүүнүн жүрүшүнө мониторинг кылуу мүмкүнчүлүгү ишке ашырылды. Электрондук добуш берүүнүн жүрүшүнө мониторингге байкоочу катары электрондук добуш берүү биринчи жолу колдонулган үч айылдык аймактын шайлоочулары, ошондой эле коомдук уюмдардын өкүлдөрү катышты.

*Баткен районунун Самаркандек айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоодо шайлоо участкалары. Шайлоочуларды идентификациялоонун модернизацияланган жабдууларын пилоттук режимде апробациялоо*







2) <u>**Аралыктан добуш берүү**</u>

***Укуктук чаралар:***

«Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 8-августундагы №183 Жарлыгынын 2-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына «убактылуу регламенттөө жана башка зарыл болгон

чараларды көрүү менен аралыктан добуш берүү формаларын, жабдуулардын модернизацияланган түрлөрүн колдонууну пилоттук режимде апробациялоо мүмкүнчүлүгүн кароо» тапшырылган.

Жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, шайлоо процессинде колдонулуучу технологияларды өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы «2023-жылдын 8-октябрына дайындалган Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоодо аралыктан добуш берүүнү жана идентификациялоонун модернизацияланган жабдууларын пилоттук режиминде апробациялоо жөнүндө» 2023-жылдын 8-сентябрындагы № 85 токтомун (Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 94 токтомунун редакциясында) кабыл алган.

Бул токтомдо 2023-жылдын 8-октябрына дайындалган Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоодо аралыктан добуш берүү формасын жана добуш берүү үчүн модернизацияланган жабдууларды пилоттук режимде апробациялоо чечими кабыл алынган жана Пилоттук режимде аралыктан добуш берүүнүн тартиби жөнүндө Убактылуу жобо бекитилген.

Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын чечими менен **аралыктан добуш берүү үчүн участкалык шайлоо комиссиясы** түзүлгөн, ага шайлоо комиссиясынын **7** мүчөсү тартылган.

Саруу айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү Саруу айылында шайлоочулардын тизмелерин тактоо боюнча ишти жүргүздү. Саруу айылында туруктуу каттоосу бар, шайлоо өтүп жаткан жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналган, бирок шайлоо күнүндө 2023-жылдын 8-октябрында участокто добуш берүү мүмкүнчүлүгү болбогон Саруу айыл аймагынын шайлоочулары айкындалды.

Натыйжада булар айкындалды: **175** шайлоочу –Бишкек шаарында убактылуу жашайт же турат, **29** шайлоочу – Кыргызстандын башка региондорунда, **59** шайлоочу – чет өлкөлөрдө.

***Идентификациялоонун модернизацияланган жабдуулары:***

Аралыктан добуш берүү идентификациялоодон өтүү менен, ага жеткиликтүүлүк электрондук жабдуу аркылуу интернет тармактын атайын порталында берилүүчү атайын программалык камсыз кылууну пайдалануу менен аралыктагы участокто добуш берүүнү билдирет.



**Аралыктан добуш берүүнүн максаты:**

- шайлоо участкасында добуш берүү мүмкүнчүлүгү болбогон шайлоочулардын катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн шарттарды түзүү;
- шайлоодо жаштардын активдүүлүгүн арттыруу;
- ишенимдүүлүк жана ачыктык технологияларын өркүндөтүү.

Аралыктан добуш берүү шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок убактылуу жоктугунан улам туруктуу катталган жери боюнча шайлоо участкасында добуш берүү мүмкүнчүлүгү болбогон жана аралыктан добуш берүүгө катышуу жөнүндө арыз берген жарандарга добуш берүүгө жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга арналган.

**Электрондук добуш берүүнүн (ЭД) жана Аралыктан добуш берүүнүн (АД) айырмачылыктары**

– ЭДнын учурунда – добуш берүү шайлоо участкасынан тышкары жерде, ал эми АДда – добуш берүү атайын жабдууну колдонуу менен шайлоо участкасында өтөт;

– ЭДнын учурунда шайлоочуну идентификациялоо – жекече жабдууда (ЖК, ноутбук, планшет, смартфон), ал аркылуу шайлоочу идентификациялоонун бардык жол-жоболорунан өтүп жана электрондук бюллетенге жеткиликтүүлүктү алып, веб-ресурска же мобилдүү тиркемеге жеткиликтүүлүктү алат, ал эми АДнын учурунда – аралыктагы участок жабдылган атайын жабдууда идентификациялоодон өтөт жана электрондук шайлоо бюллетенине жеткиликтүүлүктү алат.

**Аралыктан добуш берүүчү шайлоочулардын тизмеси**

Аралыктан добуш берүүчү шайлоочулардын тизмесин түзүүдө шайлоочулардын тизмесин түзүү, тааныштыруу, тактоо жагынан шайлоо мыйзамдарынын бардык негизги компоненттери сакталган.

Аралыктан добуш берүүчү шайлоочулардын тизмесине 18 жаш куракка толгон, биометрикалык маалыматтарды тапшырган жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналган жарандар киргизилет.

Аралыктан добуш берүүчү шайлоочулардын тизмеси добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күн мурда түзүлөт.

Ар бир шайлоочу добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күндөн кечиктирбестен участкалык шайлоо комиссиясына аралыктан добуш берүүгө катышуу жөнүндө арызды же болбосо «Шайлоочунун кабинети» сервиси аркылуу электрондук арызды берүүгө укуктуу.

Аралыктан добуш берүүчү шайлоочулардын тизмеси ар бир шайлоо участкасы боюнча «Тизме» мамлекеттик порталынын өзүнчө бөлүмүндө жарыяланат.

Аралыктан добуш берүүчү шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочу аралыктан добуш берүүгө гана катыша алат.

**Аралыктан добуш берүүчү шайлоочулардын тизмесин түзүү боюнча чаралар**

Бишкек жана Ош шаарларында электрондук добуш берүүгө катышуу жана БЭКти берүү тартиби жөнүндө шайлоочуларга маалымдоонун консультациялык борборлору уюштурулган.

Мобилдүү топтор көчмө жолугушууларда электрондук добуш берүү боюнча шайлоочулар менен маалыматтык-түшүндүрүү ишин жүргүздү, ошондой эле биометрикалык каттоо жана БЭКти берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн спектрин берди:

Баткенде – 577 БЭК берилди, биометрикалык каттоо - 2

Бишкекте – 158 БЭК берилди, биометрикалык каттоо - 3

Москвада (Россия) – 285 БЭК, биометрикалык каттоо - 4

Нижний Новгороддо (Россия) – 30 БЭК, биометрикалык каттоо - 6

Ар бир шайлоочу менен (телефон чалуу), анын ичинде чет өлкөлөрдө жүргөн шайлоочулар менен жекече иш жүргүзүлдү.

Добуш берүү күнү электрондук добуш берүүнүн маселелери боюнча шайлоочуларга консультация жана маалымат берүү үчүн Call-борбор уюштурулду.

Россиядан Кыргызстандын жарандарынын телефон чалуусу үчүн акысыз линия уюштурулду.






**Аралыктан добуш берүүчү шайлоочулардын тизмеси**

Аралыктан добуш берүү боюнча уюштуруу ишинин жана шайлоочуларга маалымдоонун жыйынтыктары боюнча 110 арыз кабыл алынды.

Жети-Өгүз районунун Саруу айылдык кеңешинин жергиликтүү жамаатынын мүчөлөрү – Бишкек шаарында жүргөн 110 шайлоочу аралыктан добуш берүүгө катышуу үчүн арыз берди жана аралыктан добуш берүүчү шайлоочулардын тизмесине киргизилди.

| Кеңештер жана округдар | Мандаттар-дын саны | УШКлардын саны жана номери | Шайлоочулардын тизмелерине киргизилгендердин бардыгы | Участокто добуш берүү үчүн шайлоочулардын саны | Электрондук добуш берүү үчүн шайлоочулардын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| **Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз району** | | | | | |
| **1. Саруу айылдык кеңеши** | **21** | **4** | **6062** | **5952** | **110** |
| №1 Саруу шайлоо округу | 7 | 3191 | 1871 | 1831 | 40 |
| №2 Санаторий шайлоо округу | 7 | 3190 | 2018 | 1977 | 41 |
| | | 3192 | 187 | 186 | 1 |
| №3 Чабалдаев шайлоо округу | 7 | 3249 | 1986 | 1958 | 28 |

**Шайлоочуну идентификациялоо.**

Аралыктан добуш берүүгө катышуу үчүн Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоодо добуш берүүгө аралыктагы форматта катышуу жөнүндө арыз берүү зарыл болгон.

Арыз берүү жол-жобосу, берүүнүн мөөнөттөрү добуш берүүгө демейдеги катышуу учурундагыдай арыз берүүнүн нормаларына ылайык сакталды.

Аралыктан добуш берүү формасы боюнча добуш берүүчүлөрдүн тизмесине киргизилгенден кийин шайлоочу бул участоктун тизмесинде пассивдүү болот, башкача айтканда, атайын уюштурулган аралыктан шайлоо участкасында добуш бере алат. Мында жекече жана биометрикалык маалыматтар боюнча идентификациялоодон өтүүнүн бардык жол-жоболору демейдеги форматта сакталган:

- ID-картанын MRZ-зонасынан жекече маалыматтарды окуп алуу;
- адегенде манжалардын паппилярдык оюулары боюнча (10 аракет), ал эми ал жок болсо, беттин геометриясы боюнча биометрикалык идентификациялоодон өтүү.

Идентификациялоодон өткөндөн кийин шайлоочуга жабдуунун экранында электрондук шайлоо бюллетени бар бет ачылат, анда фотосу менен жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмеси болот, ал жерде шайлоочу тигил же бул талапкердин/талапкерлердин пайдасына тандоону жасай алат.



**Аралыктан добуш берүүгө катышуунун ыкмалары**

Саруу айылында туруктуу каттоосу бар, шайлоо өтүп жаткан жергиликтүү жамаатын мүчөсү болуп саналган, бирок добуш берүү күнү участокто добуш берүү мүмкүнчүлүгү болбогон Саруу айыл аймагынын шайлоочулары аралык форматында добуш берүүнү пайдаланды.

Аралыктан добуш берүүнү өткөрүү үчүн Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50 дареги боюнча КР БШКнын имаратында аралыктан добуш берүүнүн шайлоо участкасы түзүлдү.

Аралыктан добуш берүүнүн участкалык шайлоо комиссиясы Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын чечими менен түзүлдү.







**Аралыктан добуш берүүгө катышууну чагылдыруу**

Онлайн режимде аралыктан добуш берүү системасында шайлоочулар боюнча маалыматтар чагылдырылат.

Шайлоочунун ФААсы, шайлоо участкасынын номерлери, добуш берүү убактысы, электрондук добуш берүүгө алардын катышуусунун статусу боюнча сорттоо мүмкүнчүлүгү бар.

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУНУН САРУУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН АРАЛЫКТАН ШАЙЛОО

Аралыктан добуш берүүнүн тизмесине киргизилген, анын ичинде добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын тизмеси

Катталган шайлоочулар (бардыгы 110), анын ичинде добуш бергендер (бардыгы 64)

| ФАА | Баардыгы | Убактысы ▼ | Добуш берүүгө катышуу статусу |
|---|---|---|---|
| КАН***** КЫЗ* ЖАР***** | 3191 | 2023-10-08 19:39:41 | Добуш берди |
| ОКТ**** ЭРМ** ОКТ****** | 3191 | 2023-10-08 19:27:14 | Добуш берди |
| ЫЛА** ТАЛ****** МОЛ********* | 3191 | 2023-10-08 19:27:13 | Добуш берди |
| АРС****** КЫЗ* ҮМҮ* | 3191 | 2023-10-08 19:24:32 | Добуш берди |
| БАЙ******* ПЕР**** БАК********* | 3191 | 2023-10-08 19:17:40 | Добуш берди |
| ШЕЙ******* АСК** ОРО******** | 3190 | 2023-10-08 19:16:02 | Добуш берди |
| ЖУМ****** АЙТ**** КУТ********* | 3190 | 2023-10-08 19:16:02 | Добуш берди |
| КУЛ****** ТЫН******* МУК********** | 3190 | 2023-10-08 18:51:35 | Добуш берди |
| УРД******* АДИ*** МУР********* | 3191 | 2023-10-08 18:50:10 | Добуш берди |
| КАЗ**** КАН*** МУР********* | 3191 | 2023-10-08 18:46:57 | Добуш берди |

**Аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары**




Аралыктан добуш берүүнүн тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны – 110 адам.

Аралыктан добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны – 64 адам.

Адамдардын келүүсү **58,18%ды** түздү.

Добуш берүү күнүнүн ичинде Борбордук шайлоо комиссиясынын имаратында аралыктан добуш берүүгө байкоо жүргүзүү борборунда добуш берүүнүн жүрүшүнө мониторинг кылуу мүмкүнчүлүгү ишке ашырылды. Аралыктан добуш берүүнүн жүрүшүнө мониторингге байкоочулар катары коомдук уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө https;//dobush.shailoo.gov.kg/election/53/result порталынан таанышууга болот.

## 2.2. Жарандардын укуктук маданиятын жогорулатуу – жарандык билим берүү боюнча чаралар

БШКда **Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору** (мындан ары – ЖБШТБ) иштейт, ал «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамынын 13-беренесине ылайык түзүлгөн. Борбордук негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

• жарандарды, шайлоочуларды (референдумдун катышуучуларын), саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин өкүлдөрүн, шайлоо органдарына талапкерлерди, алардын ишенимдүү адамдарын, байкоочуларды, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн жана башка адамдарды укуктук жактан агартуу;

• жарандарды, бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн, байкоочуларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын окутууну уюштуруу;

• Борбордук шайлоо комиссиясынын пландарын эске алуу менен Кыргыз Республикасындагы шайлоо технологияларына мониторинг жүргүзүү жана аларды өркүндөтүү.

Борбордун ишинин максаты – **жарандардын, шайлоочулардын (референдумдун катышуучуларынын) укуктук маданиятын жогорулатуу, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын окутуу жагынан иштерди уюштуруу, координациялоо жана камсыз кылуу.**

2021-жылы иш башталгандан тартып, ЖБШТБ ПРООНдун КРда шайлоону колдоо боюнча программасы жана ОБСЕнин Бишкектеги Программалык офиси, БУУ-Айымдар, Шайлоо системаларынын эл аралык фонду (IFES), Эл аралык билим берүүчү дебаттар ассоциациясы (IDEA CA), «ПисНексус» фонду жана башкалар сыяктуу БШКнын туруктуу өнөктөрү менен жигердүү өз ара аракеттенди. Бул өнөктөр ЖБШТБнын демилгелерин колдоодо жана өнүктүрүүдө маанилүү роль ойноду, бул анын ийгиликтүү стартынан көрүндү.

Борбордун негизги милдеттери – демократиялык негиздерди чыңдоого, шайлоонун укуктук жана саясий маданиятын, башкаруу институттарына ишенимди, өлкөнүн турмушуна жана өнүгүшүнө катышууга жарандарды жана жарандык коомду активдештирүүнү арттырууга көмөктөшүү.

Башка сөз менен айтканда, ЖБШТБнын максаты шайлоочу катары алда канча маалымдар жана өз укуктарына ишенимдүү болууга адамдарга жардам берүү болуп саналат. Ошондой эле курагына жана социалдык статусуна карабастан бардык адамдар шайлоо – бул анын жардамы менен биз өлкөбүз кандай башкарылып жатканына таасир эте ала турган ыкма экенин түшүнүшүндө турат.

Мында Борбордун иши Кыргыз Республикасынын калкынын бардык социалдык катмарларына жана курактык топторуна, анын ичинде жаштарга, аялдарга, ДМЧАларга жана мигранттарга багытталган.

Азыркы учурда Жарандык жана санариптик билим берүүнүн 77 борбору (ЖСББ) иштеп жатат. ЖБШТБ жарандык коомдун уюмдары, билим берүү мекемелери, эксперттик жамаат жана эл аралык өнөктөр менен өз ара аракеттенүүгө ачык.

ЖБШТБ иштеп баштагандан тартып көптөгөн кызыктуу иш-чараларды өткөрө алды. Мисалы, «Жаш жарандын мектеби» долбоорунун алкагында, ал жерде жаштар шайлоо жөнүндө өз билимдерин жакшыртат жана шайлоонун ачыктыгын жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуучу шайлоо технологиялары кандай иштеп жатканын практикада көрсөтөт.

Бул долбоордун максаты өлкөбүздө маанилүү чечимдерди кабыл алууга жаштардын катышуусун активдештирүүгө багытталган шайлоо укугу жана шайлоо процесси жөнүндө жаштарга маалымдоо жана алардын маалымдар болушун арттыруу болуп саналат.

ЖБШТБнын башка долбоорлору ошондой эле депутат аялдарга жана айылдык жамааттардын активист кыз-келиндерине саясатта өз жөндөмдөрүн жакшыртууга жана алда канча ийгиликтүү болуп калууга жардам берет. Депутат аялдардын, депутаттыкка талапкер айымдардын, жергиликтүү жамааттардын активист кыз-келиндеринин кесиптик компетенцияларын, жеке жөндөмдөрүн өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү айылдык жамааттарында жагымдуу жана баланстышкан гендердик контекстти түзүүгө көмөктөшүү аркылуу алардын саясий укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүүнүн алкагында өнөктөр менен бирдикте «Жергиликтүү кеңештердин депутат айымдарынын клубунун» жыйналыштары, ошондой эле «Жергиликтүү кеңештердин айым депутаттары аракетте» конкурстары өткөрүлүүдө.

ЖБШТБнын маанилүү жетишкендиктеринин бири «Кыргыз Жараны» Концепциясын ишке ашыруунун алкагындагы иши болду.

Эл аралык жумушчу топтун ишинин алкагында КР Билим берүү жана илим министрлиги, КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, КР БШКнын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору жана PeaceNexus Фонду менен бирдикте төмөнкүлөр иштелип чыкты жана презентацияланды:

- Кыргыз жараны жарандык идентивдүүлүктү түзүү боюнча 9-11-класстарда класстан тышкаркы жана тарбиялоо иштерин уюштуруу боюнча жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери үчүн методикалык окуу куралы.
- ЖСББнын жана Кыргыз Республикасынын университеттеринин базасында калк үчүн Кыргыз жараны жарандык идентивдүүлүктү түзүү боюнча методикалык окуу куралы.

Иштелип чыккан методикалык окуу куралдарын апробациялоо үчүн машыктыруучулар үчүн тренингдер (ТоТ) өткөрүлдү, алардын жыйынтыктары боюнча бул методикалык окуу куралдары жеткире иштелип чыкты.

Кыргыз жараны концепциясын ишке ашыруу максатында 2-апрелде КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен бирдикте «Кыргыз жараны жарандык идентивдүүлүгүн алга илгерилетүү инструменти катары жарандык билим берүү» темасына тегерек стол өткөрүлдү.

КР БШК өлкөбүздө чечимдерди кабыл алуу процессине бардык жарандар тартылышына умтулуп жатканын белгилеп кетүү маанилүү. Ар бир адам өзүнүн пикири мааниге ээ экенин жана шайлоо – бул аны уккудай кылуу ыкмасы экенин түшүнүшү маанилүү.

КР БШК күн өткөн сайын улам көп адамдар шайлоого катышат жана өлкөнү өнүктүрүүгө өз салымын жасайт деп үмүттөнөт.

Жарандык билим берүү боюнча иштен тышкары санариптик билим берүү боюнча иш жүргүзүлүп жатат.

Ар бир жаран инсандын потенциалын жогорулатуучу жана адамга күндөлүк турмуштагы милдеттерди чечүүгө мүмкүндүк берүүчү санариптик жана сервистик ресурстарга жеткиликтүүлүк үчүн санариптик жөндөмдөргө ээ болууга тийиш. Ошондой эле жаштарды IT чөйрөсүнө тартуу үчүн кесип алууга IT-курстар каралган.

Азыркы шарттарда санариптик технологияларды пайдалануу финансылык инструменттерди түшүнүүнү жеңилдетип, калкка өзүнүн финансылык жүрүм-турумун өркүндөтүүгө жана аны алда канча натыйжалуу кылууга мүмкүндүк берет. Бул багытта КР Улуттук банкы, Микофинансылык уюмдардын ассоциациясы, Кыргызстандын Банктар бирлиги жана башка финансылык уюмдар менен бирдикте калк, анын ичинде аялдар, жаштар, улуу муундагы адамдар үчүн лекциялар жана тренингдер өткөрүлүп жатат.

Жарандык жана санариптик билим берүүнүн бардык борборлорунда мамлекеттик санариптик жана электрондук сервистерди даңазалоо максатында Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталын пайдалануу эрежелерине окутуу жана булуттук

электрондук колтамганы (БЭК) берүү туруктуу негизде өтүп жатат. Бул курс «Түндүк» ММ жана Санариптик өнүктүрүү министрлигинин алдындагы «Инфоком» МИ менен бирдикте КР БШКнын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору тарабынан ишке ашырылууда. 2023-жылдын 28-декабрына карата абал боюнча республика боюнча ЖСББда **119 957 БЭК** берилген.

Борборлордо маалыматтык-түшүндүрүү жана билим берүү ишине катар ийгиликтүү санариптик лидерлер менен шыктандыруучу жолугушууларды өткөрүү каралууда.

Региондордогу жарандык жана санариптик билим берүүнүн борборлору аянтча жана ресурс болуп саналат, аларды кеңири пайдалануу жарандык жана санариптик билим берүүнү өнүктүрүүдө комплекстүү ыкманы камсыз кылат.

Таламдаш мамлекеттик органдар, жарандык коомдун уюмдары, бизнес-түзүмдөр калк үчүн жарандык жана санариптик билим берүү чөйрөсүндө агартуу, маалыматтык-түшүндүрүү жана билим берүү иш-чараларын жүргүзүү үчүн ЖСББнын аянтчаларын пайдалана алат, ошонун өзү менен жарандар үчүн өнүгүүгө мүмкүнчүлүктөрдү берет.

**Тиркеме**

## 2023-жылдын январынан тартып 2024-жылдын майына чейин жарандык билим берүү боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын тизмеги

| № | Иш-чаранын аталышы | Өткөрүү датасы | Төмөнкүлөр менен бирдикте | Катышуучулар/Максаттуу аудитория |
|---|---|---|---|---|
| **Шайлоонун бүткүл дүйнөлүк күнү** | | | | |
| 1. | Жарандык жана санариптик билим берүүнүн 70 борборунда ачык эшиктер күнү https://shailoo.gov.kg/ru/news/6492/ | 3-февраль 2023 | КР БШК | Кыргыз Республикасынын бардык жарандары үчүн |
| 2. | Шайлоонун бүткүл дүйнөлүк күнүнүн урматына «Жаш жарандын мектеби» https://shailoo.gov.kg/ru/news/6985/ | 31-январдан 2-февралга чейин 2024 | IFES | 18 жаштан тартып 28 жашка чейинки курактагы жаштар үчүн |
| 3. | Шайлоонун бүткүл дүйнөлүк күнү: жергиликтүү кеңештердин айым депутаттарынын клубдары аялдарга шайлоого катышууга жардам берет https://shailoo.gov.kg/ru/news/6983/ | 1-февраль 2024 | БАЖБА | Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын жергиликтүү кеңештеринин айым депутаттары үчүн |
| 4. | Шайлоонун бүткүл дүйнөлүк күнүнүн урматына «Оюндар аркылуу шайлоо билимдери» интерактивдүү оюну https://shailoo.gov.kg/ru/news/6986/ | 1-февраль 2024 | Жаштарды өнүктүрүү институту | Ч.Айтматов атындагы №63 гимназия мектептин жана №29 гимназия мектептин окуу-тарбиялоо комплексинин окуучулары. |
| 5. | Шайлоонун бүткүл дүйнөлүк күнүнүн урматына шайлоо укугу жана процесси жөнүндө Quiz-викторина https://shailoo.gov.kg/ru/news/6986/ | 1-февраль 2024 | Борбордук Азиядагы Эл аралык билим берүүчү дебаттар ассоциациясы (IDEA CA) | Бишкек гуманитардык университетинин студенттери |
| **Жаш жарандын мектеби** | | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. | КР БШКдагы Жаш жарандын мектеби https://shailoo.gov.kg/ru/news/6491/ | 3-февраль 2023 | Шайлоо системаларынын эл аралык фонду (IFES) | Ж.Баласагын атындагы КУУнун, КММАнын, «Ала-Тоо» эл аралык университетинин, АГУПКРдын, КРСУнун, БГУнун, И.Арабаев атындагы КМУнун студенттери үчүн |
| 7. | Жаш жарандын мектеби! Бишкек шаарындагы А.Токомбаев атындагы гимназия мектепте шайлоо технологияларын пайдалануу менен Мектептеги окуучулардын өз алдынча башкаруусунун Президентин шайлоо болуп өттү https://shailoo.gov.kg/ru/news/6653/ | 30-апрель 2023 | «Ачык Асман» мектеп республикасы | 7-11-класстардын бардык окуучулары жана окутуучулар курамы үчүн |
| 8. | БШК жаштар үчүн Жаш жаран мектебин өткөрдү https://shailoo.gov.kg/ru/news/6691/ | 17-майдан 19-майга чейин 2023 | IFES | 18 жаштан тартып 28 жашка чейинки курактагы жаштар үчүн |
| 9. | Жаш жарандын мектеби! Кант шаарындагы «Уникум Кидс» ОТКда шайлоо технологияларын пайдалануу менен Мектептеги окуучулардын өз алдынча башкаруусунун Президентин шайлоо болуп өттү https://shailoo.gov.kg/ru/news/6954/ | 1-декабрь 2023 | Кант шаарындагы «УНИКУМ КИДС» ОТК | 5-9-класстардын бардык окуучулары жана окутуучулар курамы үчүн |
| 10. | Жаш жарандын мектеби: «Кыргыз Республикасындагы шайлоо жана шайлоо процесси» https://shailoo.gov.kg/ru/news/6960/ | 5-декабрь 2023 | «Legal Prosperity» коомдук фонду | 18 жаштан тартып 28 жашка чейинки курактагы жаштар үчүн |
| 11. | Ош шаарындагы жаштар жана ЛСИ үчүн Жаш жарандын мектеби https://shailoo.gov.kg/ru/news/6962/ | 5-декабрдан 7-декабрга чейин 2023 | IFES | 18 жаштан тартып 28 жашка чейинки курактагы жаштар, анын ичинде майыптыгы бар адамдар үчүн |
| 12. | «Жаш жарандын мектеби» | 31-январдан 2-февралга чейин 2024 | IFES | 18 жаштан тартып 28 жашка чейинки курактагы жаштар үчүн |
| 13. | Аялдардын эл аралык күнүнүн урматына Quiz Night https://shailoo.gov.kg/ru/news/7138/ | 6-март 2024 | IFES | 18 жаштан тартып 28 жашка чейинки курактагы жаштар үчүн |
| 14. | «Жаш жарандын мектеби» https://shailoo.gov.kg/ru/news/7240/ | 24-апрель 2024 | Кант шаарындагы «УНИКУМ КИДС» ОТК | «Уникум Кидс» окуу-тарбиялоо комплексинин окуучулары |
| 15. | «Жаш жарандын мектеби» https://shailoo.gov.kg/ru/news/7253/ | 25-апрелден 27-апрелге чейин 2024 | IFES | 18 жаштан тартып 28 жашка чейинки курактагы жаштар үчүн |
| 16. | «Германиянын жана Кыргызстандын мисалында ЖМКлар жана алардын саясий эркти калыптандырууга таасири» | 14-март 2023 | Кыргызстандагы Фридрих Эберт атындагы фонд | ЖМКлардын, жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү, көз карандысыз эксперттер, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | саясий билим берүү боюнча семинары https://shailoo.gov.kg/ru/news/6539/ | | | КРнын ар кандай ЖОЖдорунун журналистика факультеттеринин окутуучулары жана студенттери үчүн |
| **Жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн тренингдер/конкурстар** | | | | |
| 17. | Түп районундагы жергиликтүү кеңештердин айым депутаттарынын клубу https://shailoo.gov.kg/ru/news/6632/ | 14-апрель 2023 | КР БШК | Айым депутаттар үчүн |
| 18. | Баткен жана Ош облустарындагы жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана саясий партиялардын өкүлдөрү үчүн, ошондой эле майыптыгы бар адамдар үчүн шайлоо укуктары боюнча тренингдерди өткөрүү https://shailoo.gov.kg/ru/news/6658/ | 24-апрелден 28-апрелге чейин 2023 | КР БШКнын, ОБСЕнин Бишкектеги Программалык офисинин колдоосу менен «Шайлоо процесстерин жана улуттук демократиялык институттарды чыңдоо» «Эгль» КФ | Майыптыгы бар жарандар үчүн |
| 19. | «Жергиликтүү кеңештердин айым депутаттары аракетте» конкурсу! https://shailoo.gov.kg/ru/news/6749/ | 6-июнь 2023 | USAID'дин «Ийгиликтүү аймак 2» долбоорунун колдоосу менен БАЖБА | Жергиликтүү кеңештердин айым депутаттары үчүн |
| 20. | ЖӨБнын мыкты практикасы үчүн добуш бер! https://shailoo.gov.kg/ru/news/6798/ | 8-август 2023 | Борбордук Азиядагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу академиясы (БАЖБА) | КРнын бардык жарандары үчүн |
| 21. | «Жергиликтүү кеңештердин айым депутаттары аракетте» конкурсунун натыйжалары https://shailoo.gov.kg/ru/news/6821/ | 15-август 2023 | БАЖБА | Жергиликтүү кеңештердин айым депутаттары үчүн |
| 22. | Шайлоонун бүткүл дүйнөлүк күнү: жергиликтүү кеңештердин айым депутаттарынын клубдары аялдарга шайлоого катышууга жардам берет https://shailoo.gov.kg/ru/news/6983/ | 1-февраль 2024 | БАЖБА | Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын жергиликтүү кеңештеринин айым депутаттары үчүн |
| 23. | «Жергиликтүү кеңештердин айым депутаттары аракетте» конкурсу https://shailoo.gov.kg/ru/news/7145/ | 8-марттан 8-апрелге чейин 2024 | USAID'дин «Ийгиликтүү аймак 2» долбоорунун колдоосу менен БАЖБА | Жергиликтүү кеңештердин айым депутаттары үчүн |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Коррупцияга каршы агартуу боюнча жума** | | | | |
| 24. | Коррупцияга каршы күрөшүүнүн эл аралык күнүнүн алкагында коррупцияга каршы агартуу боюнча жума<br>https://shailoo.gov.kg/ru/news/6955/<br>https://shailoo.gov.kg/ru/news/6958/ | 1-декабрдан 8-декабрга чейин 2023 | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Коррупцияга каршы ишкер кеңеш (КИК) | Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын ишине мониторинг жүргүзүүчү жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү |
| 25. | Шайлоодо коррупцияга каршы чараларды билүүгө жаштар үчүн Quiz Night өткөрүү<br>https://shailoo.gov.kg/ru/news/6963/ | 12-декабрь 2023 | IFES | 18 жаштан тартып 28 жашка чейинки курактагы жаштар үчүн |
| **«Кыргыз Жараны» Концепциясын ишке ашыруунун алкагындагы иш** | | | | |
| 26. | Методикалык окуу куралдарын жана окуу модулдарын иштеп чыгуу;<br>- жогорку класстагы окуучулардын арасында жарандык идентивдүүлүктү жана «Кыргыз Жараны» баалуулуктарын калыптандыруу жагынан тарбиялоо ишин жүргүзүү боюнча мугалимдер үчүн;<br>- калк арасында жарандык идентивдүүлүктү жана «Кыргыз Жараны» баалуулуктарын калыптандыруу жагынан региондук ЖОЖдордун мугалимдери жана ЖСББнын координаторлору үчүн. | Май-ноябрь 2023 | Писнексус Фонду | Региондук ЖОЖдордун мугалимдери жана ЖСББнын координаторлору үчүн жана иштелип чыккан методикалык окуу куралдарын жана окуу модулдарын апробациялоо үчүн |
| 27. | Калк арасында жарандык идентивдүүлүктү жана «Кыргыз Жараны» баалуулуктарын калыптандыруу жагынан региондук ЖОЖдордун мугалимдери жана ЖСББнын координаторлору үчүн тренинг | 1-октябрдан 9-октябрга чейин 2023 | «PeaceNexus» Фонду | |
| 28. | Жогорку класстагы окуучулардын арасында жарандык идентивдүүлүктү жана «Кыргыз Жараны» баалуулуктарын калыптандыруу жагынан тарбиялоо ишин жүргүзүү боюнча мугалимдер үчүн тренинг<br>https://shailoo.gov.kg/ru/news/6967/ | 14-декабрдан 16-декабрга чейин 2023 | «PeaceNexus» Фонду | |
| 29. | «Кыргыз жараны жарандык идентивдүүлүгүн алга илгерилетүү инструменти катары жарандык билим берүү» тегерек столу<br>https://shailoo.gov.kg/ru/news/7189/ | 2-апрель 2024 | КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги | Кыргыз Жараны концепциясын ишке ашырууга тартылган министрликтер жана ведомстволор, ОГОнун, ЖМКнын өкүлдөрү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Дебаттык клуб** | | | | |
| 30. | Шайлоонун бүткүл дүйнөлүк күнүнүн урматына шайлоо укугу жана процесси жөнүндө Quiz-викторина https://shailoo.gov.kg/ru/news/6986/ | 1-февраль 2024 | IDEA CA | Бишкек гуманитардык университетинин студенттери |
| 31. | Жаштардын эл аралык күнү | 10-ноябрь 2023 | КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин колдоосу менен IDEA CA | 18 жаштан тартып 28 жашка чейинки курактагы жаштар үчүн |
| 32. | Мамлекеттик түзүлүштүн негиздери жана шайлоо процесстери боюнча кыздар үчүн тренинг https://shailoo.gov.kg/ru/news/7233/ | 20-21-апрель 2024 | ОБСЕнин Бишкектеги Программалык офисинин колдоосу менен IDEA CA | Ысык-Ата районунун орто мектептеринин окуучу кыздары |
| 33. | Ош жана Нарын облустарынын жаштары үчүн «Дебаттар жана дискуссиялык технологияларды өздөштүрүү» деген беш күндүк тренинг | 6-10-май 2024<br><br>13-17-май 2024 | ОБСЕнин Бишкектеги Программалык офисинин колдоосу менен IDEA CA | 15 жаштан тартып 28 жашка чейинки курактагы жаштар үчүн |
| 34. | Мамлекеттик түзүлүштүн негиздери жана шайлоо процесстери боюнча кыздар үчүн тренинг | 18-19-май 2024 | ОБСЕнин Бишкектеги Программалык офисинин колдоосу менен IDEA CA | Аламүдүн районунун орто мектептеринин окуучу кыздары |
| **Жаштар парламенти** | | | | |
| 35. | «Жаштар жана шайлоо. Келечек үчүн жоопкерчилик» тегерек столу https://shailoo.gov.kg/ru/news/7151/ | 14-март 2024 | Жаштар парламенти | 15 жаштан тартып 28 жашка чейинки курактагы жаштар |

**2023-жылдын январынан тартып 2024-жылдын майына чейин санариптик билим берүү боюнча өткөрүлгөн иш-чаралардын тизмеги**

| № | Иш-чаранын аталышы | Өткөрүү датасы | Төмөнкүлөр менен бирдикте | Катышуучулар/Максаттуу аудитория |
|---|---|---|---|---|
| **Компьютердик сабаттуулук** | | | | |
| 1. | Мамлекеттик электрондук сервистерди даңазалоо https://shailoo.gov.kg/ru/news/6489/ | 31-январь 2023 | Санариптик өнүктүрүү министрлиги («Түндүк» ММ жана «Инфоком» МИ) | Кыргыз Республикасынын бардык жарандары үчүн |
| 2. | «Чакан жана орто бизнес (ЧОБ) үчүн финансылык сабаттуулук» тренинги | 27-март 2023-жыл | Борбордук Азияда финансылык кызмат | Кыргыз Республикасынын бардык жарандары үчүн |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | https://shailoo.gov.kg/ru/news/6556/ | | көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү кеңейтүү боюнча IFC долбоорунун колдоосу менен Кыргызстандын банктарынын бирлиги (CAFINC) | |
| 3. | «МКТдагы кыздар» эл аралык күнү https://shailoo.gov.kg/ru/news/6647/ | 27-апрель 2023 | КР БШК | Ж.Баласагын атындагы КУУнун Санариптик технологиялар департаментинин жана IT колледжинин студент кыздары, ошондой эле республиканын бардык облустарындагы кыз-келиндер үчүн |
| 4. | Санариптик билим берүү боюнча «Oigonuu» курстарын ишке киргизүү | 2-ноябрь 2023 | «Oigonuu» коомдук фонду | КРнын бардык окуучулары үчүн |
| 5. | Компьютердик сабаттуулук боюнча «Акыл Айым» курстарынын биринчи этабын аяктоо | 13-ноябрь 2023 | ЖБШТБ | КРнын бардык айымдары үчүн |
| 6. | Санариптик сабаттуулук, мобилдүү интернеттин базалык жөндөмдөрү боюнча жана ЖСББнын компьютерлеринде Python'го программалоо боюнча видео-сабактарды орнотуу | 22-ноябрь 2023 | «Интернет коомунун Кыргыз бөлүмү» (Санарип Инсан) | КРнын бардык жарандары үчүн |
| 7. | Санариптик сабаттуулукту жогорулатуу! Электрондук коррупцияга окутуу https://shailoo.gov.kg/ru/news/6531/ | 10-марттан 4-апрелге чейин 2023 | «Интернет коомунун Кыргыз бөлүмү» (Санарип Инсан) | Жаштар, аялдар, мигранттар жана алыскы райондордо жашаган тургундар үчүн |
| 8. | «Санариптик туристтик платформаларды пайдалануу» тренинги | Жалал-Абад облусунда 2024-жылдын 10-11-марты<br>Баткен облусунда 2024-жылдын 15-16-марты<br>Нарын облусунда 2024-жылдын 28-30-марты | «Интернет коомунун Кыргыз бөлүмү» (Санарип Инсан) | КР региондорундагы айымдар |

# 3-БӨЛҮМ. ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫН АТКАРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖАНА АЛАРДЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА СУНУШТАР

## 3.1. Кыргыз Республикасында пилоттук режимде өткөрүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында шайлоо жөнүндө мыйзамдары аткаруу боюнча чаралар

2023-жылдын 29-декабрында «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин №370 Жарлыгы кабыл алынган.

Бул Жарлык кабыл алынганга чейин Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин саны **484**, анын ичинде **32** шаардык жана **452** айылдык кеңеш болгон. Административдик-аймактык реформа (мындан ары – ААР) **391** жергиликтүү кеңеште (анын ичинде **14** шаардык жана **377** айылдык кеңеш) жүргүзүлүп жатат.

Шаарлардын жана айыл аймактарынын административдик-аймактык чектерин өзгөртүүнүн натыйжасында пилоттук режимде ААРдын алкагында бардыгы болуп **268** жергиликтүү кеңеш, анын ичинде **33** шаардык жана **235** айылдык кеңеш иштейт деп каралууда, ошонун өзү менен азыр иштеп жаткан 484 кеңештин саны 216 кеңешке кыскарат.

| **Облус** | **ААРга чейин** | | | | **ААРдын алкагында** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ж/к саны | калктын саны | шайлоочулардын саны | мандаттардын саны | ж/к саны | калктын саны | шайлоочулардын саны | мандаттардын саны *алдын ала эсептер |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫ** | **484** | **7048026** | **3789621** | **9062** | **268** | **7161910** | **4025731** | **6406** |
| Бишкек шаары | 1 | 1145044 | 495590 | 45 | 1 | 1165497 | 512327 | 45 |
| Ош шаары | 1 | 361300 | 156997 | 45 | 1 | 366738 | 175465 | 45 |
| Баткен | 37 | 697685 | 307440 | 827 | 32 | 583362 | 336757 | 782 |
| Ош | 91 | 1443909 | 784227 | 1981 | 61 | 1490054 | 820692 | 1541 |
| Жалал-Абад | 76 | 1301501 | 681520 | 1696 | 47 | 1335841 | 757115 | 1187 |
| Чүй | 112 | 949315 | 645614 | 1882 | 56 | 1086842 | 689604 | 1256 |
| Талас | 38 | 276769 | 174043 | 628 | 17 | 277144 | 174851 | 377 |
| Нарын | 64 | 322435 | 217305 | 884 | 28 | 312068 | 218008 | 558 |
| Ысык-Көл | 64 | 550068 | 326885 | 1074 | 25 | 544364 | 340912 | 635 |

***Эскертүү:*** *“Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде администрациялык-аймактык бирдиктер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынгандан кийин мандаттардын саны мыйзамда каралган нормаларга ылайык өзгөрүшү мүмкүн.*

Ушул Жарлык менен бекитилген Жол картасынын 5-пунктунда Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, райондордун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларына, **Борбордук шайлоо комиссиясына**, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына жаңы уюшулган айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү кеңештеринин ишин уюштуруу, төрагаларды шайлоону өткөрүү боюнча чаралар жүктөлгөн.

Административдик-аймактык реформанын алкагында Жарлыкты аткаруу жана КР БШКнын тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу

органдары менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу максатында КР БШК, шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча борбордук орган катары, 2024-жылдын 29-январындагы № 2 токтому менен өзү жана аймактык шайлоо комиссиялары үчүн бир катар милдеттерди аныктады.

– пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн максаттары жана тартиби жөнүндө маалыматтык түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

– **жаңы уюшулган айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү кеңештеринин ишин уюштуруу**, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, анын ичинде Бишкек жана Ош шаарларынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракетте **төрагаларды шайлоону өткөрүү боюнча** аймактык шайлоо комиссияларынын ишин Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгы менен бекитилген Жол картасын *(график, шайлоо комиссияларын координациялоо, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башкалар менен өз ара аракеттенүү)* координациялоо жана уюштуруу-методикалык жактан камсыз кылуу;

– административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнү эске алуу менен жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамдарга зарыл өзгөртүүлөр тууралуу сунуштарды иштеп чыгуу;

– шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча КР БШКнын ыйгарым укуктарынын алкагында этаптуу чараларды иштеп чыгуу максатында пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны ишке ашыруунун жүрүшүн туруктуу мониторинг кылууну жана талдоону жүргүзүү;

– жогоруда көрсөтүлгөн милдеттерди ишке ашыруу менен байланышкан уюштуруу, методикалык жана финансылык чараларды көрүү.

Борбордук шайлоо комиссиясы төмөнкүдөй методикалык материалдарды мамлекеттик жана расмий тилдерде иштеп чыкты:

1. Уюштуруу сессияларын өткөрүү тартиби жөнүндө сунуштамалар;
2. Аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана бириккен айылдык кеңештин сессиясында төрагалык кылуучу үчүн маалымат;
3. Бириккен айылдык кеңештин төрагасын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун үлгүсү;
4. Бириккен айылдык кеңештин уюштуруу сессиясынын токтомунун үлгүсү;
5. Бириккен айылдык кеңештин депутаттарына маалымдоо;
6. Айылдык кеңештин төрагасынын кыскача өмүр баянынын формасы.

Аймактык шайлоо комиссиялары **117** бириккен айылдык кеңеште төрагаларды жана төрагалардын орун басарларын шайлоо боюнча уюштуруу сессияларын өткөрүү графиктерин иштеп чыкты жана жергиликтүү мамлекеттик администрация башчылары менен макулдашты. Графиктерге ылайык, төрагалар жана төрагалардын орун басарлары шайланган 117 жергиликтүү кеңеште уюштуруу сессиялары өткөрүлдү.

Президенттин Жарлыктарын ишке ашыруунун 2-этабында 2024-жылдын 4-мартынан 20-мартына чейинки мезгилде **12 шаардык кеңештин** жаңыланган курамдарынын сессиялары өттү.

Убактылуу жобонун 3-пунктунда булар каралган: *«Айыл аймагы/айыл аймактары жана/же айрым калктуу конуштар шаардык курамына кошулган учурда айылдык кеңештин ыйгарым укуктары токтотулат, шаардык кеңештин статусу өзгөрбөйт, шаардык кеңештин төрагасы кайра шайланбайт. Шаардык кеңеш анын курамына кирген айылдык кеңештердин укугун мурастоочу болуп калат».*

Таш-Көмүр шаардык кеңешинде 2024-жылдын 19-февралында сессия өткөрүлгөн. Майлуу-Суу шаардык кеңешинде уюштуруу сессиясы өткөрүлгөн эмес, анткени кошулган участоктор шаардын сандык курамына таасир эткен эмес.

**3.2. Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин депутатынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош мандатты ээлөө бөлүгүндө мыйзамдарды аткаруу**

**1.** Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрында өттү. 54 депутат – бирдиктүү шайлоо округунда пропорциялуу система боюнча (саясий партиялардын талапкерлеринин ачык тизмеси боюнча), ал эми 36 депутат бир мандаттуу округдарда мажоритардык система боюнча шайланды.

VII чакырылыштагы Жогорку Кеңештин депутаттары шайланган учурдан бери бардыгы болуп Жогорку Кеңештин – **18** депутатынын, анын ичинде **саясий партиялардын тизмеси боюнча – 10** («Ата-Журт Кыргызстан» - 4, «Альянс» - 3, «Бүтүн Кыргызстан» - 2, «Ишеним» -1) жана **бир мандаттуу округдар боюнча 8** депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулду.

18 депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда төмөнкүдөй негиздерге ылайык токтотулду:

– ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө жеке арызды берүү – **9** (с/п – **3** («Ата-Журт Кыргызстан» -1, «Альянс» -1, «Ишеним» -1), бир мандаттуу округдар – **6**);

– депутаттык ыйгарым укуктарды аткарууга шайкеш келбеген ишке өтүү –**3** (с/п – **3** («Ата-Журт Кыргызстан» -2, «Альянс» -1);

– жогорку билим жөнүндө дипломдорду жокко чыгаруу – **3** (с/п – **3** («Ата-Журт Кыргызстан» - 1, «Альянс» - 1, «Бүтүн Кыргызстан» - 1);

– соттун чечимдерин аткаруу үчүн – **2** (№4 Көк-Жар округу жана №29 Свердлов округу);

– депутатка карата соттун айыптоо өкүмүнүн күчүнө кириши – **1** (с/п – 1 - «Бүтүн Кыргызстан»).

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош мандатты өткөрүп берүү жөнүндө маалымат**

| № | Депутаттын Ф.А.А. | Саясий партиянын/ бир мандаттуу округдун аталышы | Депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө КР БШКнын токтомунун негизи, датасы жана номери | Бош мандат өткөрүп берилген талапкердин ФАА, бош мандатты өткөрүп берүү жөнүндө КР БШКнын токтомунун датасы жана номери |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Нарматова Орозайым Кочконбаевна | «Бүтүн Кыргызстан» | О.К. Нарматова жогорку кесиптик билимди алуу тартиби жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгына байланыштуу жогорку билим жөнүндө ЖАМУнун берилген дипломун кайра чакыртып алуу жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын – КР БжИМдин маалыматынын негизинде КР БШКнын 2022-жылдын 20-январындагы №4 токтому. | Айдарова Айгүл Абдисаламовна БШКнын 2022-жылдын 25-январындагы №5 токтому |
| 2. | Сулайманов Алтынбек Турдубаевич | «АЛЬЯНС» | А.Т. Сулайманов КР Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кызмат ордуна дайындалышына байланыштуу | Жамгырчиев Эмил Эрикович БШКнын 2022-жылдын 26-февралындагы №23 токтому |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | КР БШКнын 2022-жылдын 26-февралындагы №22 токтому. | |
| 3. | Торобаев Бакыт Эргешевич | «Ата-Журт Кыргызстан» | Б.Э. Төрөбаев Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарынын кызмат ордуна дайындалышына байланыштуу<br>КР БШКнын 2022-жылдын 1-апрелиндеги №36 токтому. | Боронбаев Абдыбахаб Жолдошович<br>БШКнын 2022-жылдын 1-апрелиндеги № 36 токтому |
| 4. | Сабиров Равшанбек Азатович | «Ата-Журт Кыргызстан» | Р.А. Сабиров КР Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин директорунун кызмат ордуна дайындалышына байланыштуу.<br>КР БШКнын 2022-жылдын 14-мартындагы №29 токтому. | Абдалиев Мейкинбек Акимович<br>БШКнын 2022-жылдын 14-мартындагы №31 токтому |
| 5. | Абиров Жаныбек Болотбекович | №26 Ленин округу | ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө жеке арыздын негизинде<br>КР БШКнын 2023-жылдын 27-мартындагы №29 токтому. | КР Президентинин 2023-жылдын 29-мартындагы Жарлыгы менен мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалган, анын натыйжалары боюнча шайлоо жараксыз деп таанылган.<br>БШКнын 2024-жылдын 12-июлундагы токтому менен кайрадан шайлоо дайындалган.<br>Шайлоонун натыйжалары боюнча Самаков Кубанычбек Карганбекович шайланган.<br>БШКнын 2023-жылдын 24-сентябрындагы №93 токтому |
| 6. | Исмаилов Фархат Даткабаевич | «Ата-Журт Кыргызстан» | Ф.Д. Исмаиловдун жогорку билим жөнүндө дипломдорун жокко чыгаруу жана кайра чакыртып алуу жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын – БжИМдин маалыматынын негизинде<br>КР БШКнын 2023-жылдын 6-июлундагы №63 токтому. | Толонов Чынберди Толонович<br>БШКнын 2023-жылдын 21-декабрындагы №106 токтому |
| 7. | Алимжанов Фарходбек Айбекович | «Альянс» | Ф.А. Алимжановдун жогорку билим жөнүндө дипломдорун жокко чыгаруу жана кайра чакыртып алуу жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын – БжИМдин маалыматынын негизинде<br>КР БШКнын 2023-жылдын 6-июлундагы №62 токтому. | Мамашова Айсулуу Турусбековна<br>БШКнын 2024-жылдын 2-февралындагы №5 токтому |
| 8. | Бакиров Омурбек | №4 Көк-Жар округу | Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 26-июнундагы | Соттордун чечимдерин аткаруу үчүн, БШКнын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Мирзараимович | | аныктамасы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 18-августундагы токтому менен күчүндө калтырылган Бишкек шаарынан Административдик сотунун 2023-жылдын 7-июнундагы чечимин аткаруу үчүн.<br>КР БШКнын 2023-жылдын 26-августундагы №81 токтому. | 2023-жылдын 26-августундагы №821 токтомунун негизинде Рысбаев Равшанбек Рысбаевич ЖК депутаты болуп шайланган.<br>БШКнын 2023-жылдын 30-августундагы №82 токтому |
| 9. | Жамгырчиев Эмил Эрикович | «Альянс» | Жеке арызынын негизинде ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө КР БШКнын 2024-жылдын 2-февралындагы № 3 токтому | Абакиров Эльдар Курманбекович БШКнын 2024-жылдын 2-февралындагы №6 токтому |
| 10. | Боронбаев Абдыбахаб Жолдошович | «Ата-Журт Кыргызстан» | Жеке арызынын негизинде ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө КР БШКнын 2024-жылдын 14-февралындагы №11 токтому | Зулпуев Саидбек Мейраждинович БШКнын 2024-жылдын 14-февралындагы №9 токтому |
| 11. | Ражабалиев Нурлан Аскаралиевич | №2 Баткен округу | Жеке арызынын негизинде ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө КР БШКнын 2024-жылдын 22-февралындагы №11 токтому | КР Президентинин 2024-жылдын 4-мартындагы Жарлыгы менен ЖК депутаттыгына мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалды. Шайлоонун жыйынтыгы менен Калпаев Бактияр Алиевич шайланды.<br>БШКнын 2024-жылдын 7-майындагы №48 токтому |
| 12. | Матраимов Искендер Исмаилович | №9 Кара-Суу округу | Жеке арызынын негизинде ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө КР БШКнын 2024-жылдын 22-февралындагы №12 токтому | КР Президентинин 2024-жылдын 4-мартындагы Жарлыгы менен ЖК депутаттыгына мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалды. Шайлоонун жыйынтыгы менен Кубанычбеков Илимбек Кубанычбекович шайланды.<br>БШКнын 2024-жылдын 7-майындагы №49 токтому |
| 13. | Осмонов Айбек Жапарович | №7 Ош округу | Жеке арызынын негизинде ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө | КР Президентинин 2024-жылдын 14-мартындагы Жарлыгы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | КР БШКнын 2024-жылдын 13-мартындагы №20 токтому | менен ЖК депутаттыгына мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалды. Шайлоонун жыйынтыгы менен Эргешов Бекмурза Аскарбаевич шайланды. БШКнын 2024-жылдын 7-майындагы №50 токтому |
| 14. | Джусупов Эмилбек Рамидинович | «Ишеним». | Жеке арызынын негизинде ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө КР БШКнын 2024-жылдын 22-апрелиндеги №34 токтому | Рустамбек уулу Советбек БШКнын 2024-жылдын 22-апрелиндеги №35 токтому |
| 15. | Коргонбай уулу Жусупбек | №5 Ноокат округу | Жеке арызынын негизинде ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө КР БШКнын 2024-жылдын 23-апрелиндеги №36 токтому | КР Президентинин 2024-жылдын 30-апрелиндеги Жарлыгы менен ЖК депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо 2024-жылдын 30-июнуна дайындалган. |
| 16. | Сарбагышев Максатбек Канатбекович | №36 Ысык-Көл округу | Жеке арызынын негизинде ЖК депутатынын ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө КР БШКнын 2024-жылдын 25-апрелиндеги №38 токтому | КР Президентинин 2024-жылдын 30-апрелиндеги Жарлыгы менен ЖК депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо 2024-жылдын 30-июнуна дайындалган. |
| 17. | Мадумаров Адахан Кимсанбаевич | «Бүтүн Кыргызстан» | КР ЖК депутаты А.К.Мадумаровго карата Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун 2024-жылдын 26-мартындагы өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргендигине байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесинин 2-бөлүгүнүн 8-пунктуна, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 65-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, КР ЖК депутаты А.К.Мадумаровдун ыйгарым | Азыркы учурда КР БШКнын 2024-жылдын 26-апрелиндеги №39 токтому сотко даттанылган. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган.<br>КР БШКнын 2024-жылдын 26-апрелиндеги № 39 токтому | |
| 18 | Атазов Шайлообек Карыбекович | №29 Свердлов шайлоо округу | Бишкек шаардык сотунун 2024-жылдын 5-апрелиндеги аныктамасы менен күчүндө калтырылган Бишкек шаарынын административдик сотунун 2024-жылдын 1-мартындагы чечимин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2024-жылдын 30-апрелиндеги токтомун аткарууда Ш.Атазовду КР ЖК депутаттыгына каттоо бөлүгүндө КР БШКнын БШКнын 2022-жылдын 6-апрелиндеги № 40 токтому жокко чыгарылган.<br>КР БШКнын 2024-жылдын 7-майындагы №54 токтому | КР Президентинин 16.05.2024-жылдагы Жарлыгы менен ЖК депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо 2024-жылдын 30-июнуна дайындалган. |

2. 2023-жылдын 1-январынан тартып азыркы учурга чейин жергиликтүү кеңештердин 399 депутаты, анын ичинде 84 – аял өздөрүнүн депутаттык ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотту.

Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуунун себептери:

- жеке арыз – 358;
- башка ишке өтүү – 1;
- соттун өкүмү – 7;
- сессияларда 4 жолудан ашык жок болуу – 18;
- өлгөндүгүнө байланыштуу – 15.

Бүгүнкү күндө 20 мандат, анын ичинде төмөнкүлөр бош:

13 –тиешелүү шайлоо округ боюнча талапкерлер калбагандыгына байланыштуу кийинки шайлоого чейин мандаттар бош;

6 – кийинки талапкер документтердин толук пакетин берген эмес;

1 – кийинки талапкер КР аймагынан тышкары жакта жүрөт.

**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош мандатты өткөрүп берүү жөнүндө маалымат**

| № | Облус-тардын аталышы | Жерги-ликтүү кеңештер дин саны | Мандат-тардын саны | Мөөнөтү-нөн мурда токтоткон дор баары | Алар-дын ичинен аялдар | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуунун себептери | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Жеке арызы боюнча | Башка ишке өткөндү-гүнө байла-ныштуу | Соттун өкүмү боюнч а | Сессиялар-га 4төн ашык катышпаг андыгына байланыш туу | Каза бол-гондо |
| | | **484** | **9062** | **399** | **84** | **358** | **1** | **7** | **18** | **15** |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бишкек шаары | 1 | 45 | 0 | | | | | | |
| 2 | Ош шаары | 1 | 45 | **13** | 3 | 13 | | | | |
| 3 | Ысык-Көл | 64 | 1074 | **74** | 17 | 65 | 1 | | 3 | 5 |
| 4 | Чүй | 112 | 1882 | **58** | 20 | 53 | | | 4 | 1 |
| 5 | Нарын | 64 | 884 | **48** | 8 | 46 | | | 1 | 1 |
| 6 | Талас | 38 | 628 | **13** | 2 | 7 | | 3 | 2 | 1 |
| 7 | Ош | 91 | 1981 | **66** | 11 | 52 | | 1 | 7 | 6 |
| 8 | Жалал-Абад | 76 | 1696 | **80** | 13 | 79 | | | 1 | |
| 9 | Баткен | 37 | 827 | **47** | 10 | 43 | | 3 | | 1 |

### 3.3. Шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштамалар

Шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча мыйзамдык сунуштардын иштеп чыгуу, андан соң Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүү максатында «Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча иштер жөнүндө» КР БШКнын 2022-жылдын 30-июнундагы № 224 чечими менен **Шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ** (мындан ары – ВАЖТ) түзүлгөн.

Ведомстволор аралык жумушчу топтун курамына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, КР БШКнын мүчөлөрү, судьялар, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, жарандык коомдун өкүлдөрү жана шайлоо мыйзамдары жаатындагы эксперттер кирди.

ВАЖТда багыттар боюнча төмөнкүдөй 7 чакан топ түзүлдү.

1) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү маселелери боюнча;

2) Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү маселелери боюнча;

3) финансылык ачыктыкты камсыз кылуу маселелери боюнча;

4) шайлоочулардын айрым категорияларын (мигранттарды жана башкаларды) шайлоого катышуу шарттарын жакшыртуу маселелери боюнча;

5) шайлоо талаштарын кароону өркүндөтүү жана шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчилик маселелери боюнча;

6) шайлоодо колдонулуучу электрондук технологияларды өркүндөтүү маселелери боюнча;

7) маалымдоо маселелери жана шайлоо алдындагы үгүт эрежелери боюнча.

2025-жылдан тартып шайлоонун кийинки цикли башталат – жергиликтүү шайлоо өтөт, андан соң улуттук деңгээлдеги – парламенттик жана президенттик шайлоолор өтөт. Бул этапта ВАЖТ 2021-2022-жалдардагы шайлоонун жүрүшүндө табылган шайлоо мыйзамдарындагы мүчүлүштөрдү жана кемчиликтерди жоюу жагынан иштейт.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын, мамлекеттик органдардын, жарандык коомдун, саясий партиялардын, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн шайлоо укуктарын жана процесстерин өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды талкуулоо жана иштеп чыгуу боюнча көз карандысыз эксперттердин катышуусу менен бир нече жумушчу кеңешме, жыйналыш өткөрүлдү:

1. 2023-жылдын 6-апрелинде **«Жергиликтүү шайлоо 2023. Электрондук добуш берүүнү жана идентификациялоонун модернизацияланган жабдууларын пилоттук апробациялоо»** деген темада Ведомстволор аралык жумушчу топтун кеңейтилген жыйналышы өткөрүлдү.

2. 2023-жылдын 25-апрелинде **«КРда шайлоо мыйзамдарын жана шайлоо практикасын өркүндөтүү жолдору»** деген темада коомдук диалог өткөрүлдү. Иш-чаранын жүрүшүндө катышуучуларга шайлоо жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүүнүн негизги багыттары жана сунуштары боюнча маалымат берилди.

3. 2023-жылдын 27-октябрында Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтун кеңейтилген жыйналышы өткөрүлдү.

ВАЖТнын мүчөлөрү жана иш-чаранын катышуучулары шайлоо реформасын мыйзамдык жактан камсыз кылуу процесси, шайлоонун комплекстүү кайра түзүлгөн өзөктүү аспекттери, жетишилген максаттар жана келечектеги пландар менен таанышты.

ВАЖТнын жыйналышында «КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР мыйзамына түзөтүүлөр каралды.

Сунуш кылынган өзгөртүүлөр 2021-жылдагы Коомдук диалогдун сунуштамаларына, эл аралык жана улуттук байкоочулардын сунуштамаларына, жарандык коомдук уюмдардын сунуштарына негизделген.

Сунуш кылынган өзгөртүүлөр инклюзивдүүлүктү жакшыртуу, гендердик өкүлчүлүктү сактоо, добуштарды сатып алгандыгы жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн жоопкерчиликти күчөтүү, шайлоочулардын тизмелерине, саясий партиялардын талапкерлеринин тизмелерине, талапкерлерге талаптарды иретке келтирүү маселелерин козгоду.

ВАЖТнын мүчөлөрү аралыктан жана электрондук добуш берүү механизмдерин киргизүүнү караган өзгөртүүлөргө өзгөчө көңүл бурду. Бул чаралар жарандардын, анын ичинде ички жана тышкы мигранттардын, студенттердин, иш сапарында жүргөндөрдүн ж.б. шайлоо укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн шарттарды түзүү максатында сунуш кылынары белгиленди.

2024-жылдын 16-апрелинде Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтун жыйналышы өттү, анда **пилоттук режимде административдик-аймактык реформанын жүрүшү** жана ААРды эске алуу жана бул процессти укуктук камсыз кылууну иштеп чыгуу менен ЖӨБнын өкүлчүлүктүү органдарынын – кеңештердин иштешин камсыз кылуу менен байланышкан **ААРдын алкагындагы милдеттер жөнүндө** маалымат берилди.

2022-жылга карата сунуштамаларды аткаруу үчүн 2023-жылдагы ВАЖТнын ишинин алкагында “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору иштелип чыкты жана анын жыйынында жактырылды.

Бул мыйзам долбоору төмөнкүлөрдү карайт:

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине окшоштуруп, шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоодо преференциялуу добуш берүүнү киргизүү сунушталат

2) аталган долбоордо жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө пикирлердин плюрализмин камсыз кылуу , шаардык кеңештерде саясий партиялардын көбүрөөк санын көрсөтүү максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун жүрүшүндөгү сыяктуу эле саясий партиялардын депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө жетишүүсү үчүн шайлоо босогосун 7 пайыздан 5 пайызга чейин төмөндөтүү сунушталат.

3) электрондук, аралыктан добуш берүүнү колдонуу мүмкүнчүлүгү. Аралыктан, электрондук добуш берүүнү өткөрүү чечими шайлоо дайындалганда кабыл алынат.

4) административдик ресурсту пайдаланууну жоюу максатында шайлоочулардын кызмат орундук же кызматтык ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну токтоткондор менен кызмат орундук же кызматтык ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруудан четтетилүүчү категорияларын айырмалоо сунушталууда.

5) айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлер үчүн шайлоо күрөөсү алынып салынууда.

6) шайлоочулардын так тизмелерин, билиминин бар экендиги жана соттуулугунун жоктугу жөнүндө корутундуларды берүү жагынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин күчөтүү боюнча нормалар киргизилүүдө.

7) шайлоочулардын тизмеси, маалымдоо жана үгүт иштерин жүргүзүү жагынан конституциялык мыйзамга унификациялоо максатында да бир катар өзгөртүүлөр киргизилүүдө.

Мыйзам долбоорун КР Жогорку Кеңешинин депутаттары, ВАЖТ мүчөлөрү тарабынан демилгелеген. Учурда бул мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосунда турат.

Жүргүзүлгөн талдоолорду, шайлоо мыйзамдарынын оң жана терс жактарын, коомдук жана эл аралык байкоочулардын сунуш-пикирлерин, ВАЖТдагы талкууларды эске алуу менен, шайлоо процессин жана практикасын андан ары өркүндөтүү максатында БШК **шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча төмөнкү сунуштамаларды сунуштайт:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесине ылайык шайлоочулардын тандоо эркиндигине мыйзамда тыюу салынган финансылык, администрациялык жана башка каражаттарды пайдалануу менен таасир этүүгө тыюу салынат. Бирок, 2021-жылы Кыргыз Республикасынын жаңы Кылмыш-жаза кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин ишке кириши менен добуштарды сатып алуу жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу үчүн санкциялар бир топ төмөндөдү, бул жасалган укук бузууларга пропорционалдуу эмес болуп калды. Санкциялар шайлоо мезгилиндеги мыйзам бузуулардын алдын алууга таасирин тийгизип турушу үчүн ылайыктуу жана адилеттүү бойдон калуусу зарыл.

**Ушуга байланыштуу добуштарды сатып алгандыгы жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн жоопкерчиликти күчөтүү сунуш кылынат.**

**2.** 2023-2024-жылдары бир катар мөөнөтүнөн мурда жана кайра шайлоолорду өткөрүүнү, анын ичинде талапкерлер тарабынан мыйзам бузууларга байланыштуу жана бул максаттарга мамлекеттик бюджеттен кеткен чыгымдарды эске алуу менен, башка чаралар менен катар эле юридикалык жоопкерчиликти, **эгерде күнөөлүүлөр тарабынан мыйзам бузуулар шайлоонун жыйынтыктарын анык эмес деп таанууга алып келсе, материалдык жоопкерчиликти киргизүү** сунушталууда.

**3.** Кылмыш иштеринин жана укук бузуулар боюнча иштердин алкагында белгиленген шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча натыйжалуу жана өз убагында ыкчам чара көрүүгө мүмкүнчүлүк **берген укук коргоо органдары менен шайлоо комиссияларынын өз ара аракеттенүү тартибин өркүндөтүү.**

Шайлоонун натыйжалары аныкталганга чейин мыйзам бузуу фактыларын аныктоо жана күнөөлүүлөргө чара көрүү шайлоо процессинин туруктуулугуна жана бекемдигине көмөктөшөт.

**4.** Шайлоолордун натыйжаларын белгилөө боюнча БШКнын чечимдерин кайра кароо боюнча бир катар соттук иштерди эске алуу менен, **жаңыдан ачылган жагдайлар же жаңы кырдаалдар боюнча соттун чечимин жана кассациялык инстанциядагы соттун токтомун кайра кароого тыюу салууну караган административдик-процессуалдык мыйзамдардын нормаларын кыйшаюусуз сактоону камсыз кылууну зарыл деп эсептейбиз.**

**5**. 2023-2024-жылдары бир мандаттуу округдар боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда өткөрүлгөн шайлоолордун санын эске алуу менен, бюджеттик каражаттарды үнөмдөө максатында **бир мандаттуу округдар боюнча бош калган мандаттарга шайлоолорду жылына бир жолу өткөрүү сунушталууда. Мында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин шайлоонун мөөнөтүнүн жарымы өткөндөн кийин, бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты чыгып кеткен учурда, чыгып кеткендердин ордуна депутаттарды шайлоо өткөрүлбөйт.**

**6.** Саясий партия Кыргыз Республикасынын жарандарынын саясий эркин калыптандыруу жана билдирүү, коомдук-саясий иш-чараларга, шайлоолорго жана референдумдарга катышуу аркылуу коомдун саясий турмушуна катышуу максатында түзүлгөн коомдук бирикме катары, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарында

жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жарандардын кызыкчылыктарынан чыгуу максатында өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарын, мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле саясий партиянын уставын сактоого милдеттүү.

Саясий партиялардын шайлоо процесстериндеги ролун эске алуу менен, **саясий партиялар жөнүндө жаңы мыйзам долбоорун кабыл алуу зарыл, ошондо Жогорку Кеңештин кароосунда турган мыйзам долбоорун толуктап иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн кароого болот.**

Ушуга байланыштуу VI чакырылыштагы депутаттар демилгелеген «Саясий партиялар жөнүндө» мыйзам долбоорун төмөнкүлөрдү эске алуу менен толуктап иштеп чыгуу жана кабыл алуу сунушталат:

- Талапкерлердин тизмесин көрсөтүү, саясий партиянын курултайын өткөрүүнүн жол-жоболорун регламентациялоо жөнүндө кабыл алынган чечимдердин ачык-айкындыгын камсыз кылуу;
- Шайлоолор аралыгындагы мезгилде финансылык отчетторду жарыялоо;
- Талапкерлерди каттоо менен шайлоо күнүнүн ортосундагы мезгилде белгиленген квоталарды реалдуу сактоо.

**7.** Жергиликтүү кеңештердин кезектеги шайлоолорунун графигинде 2025-жылдын апрелинде көпчүлүк кеңештерди шайлоону, ошондой эле 2026 жана 2027-жылдары айрым кеңештерди шайлоону өткөрүү каралганын белгилөө зарыл. .

Колдонуудагы мыйзамдарда административдик-аймактык бирдиктин чек аралары өзгөргөн учурда, бул кеңешти таркатууга жана жергиликтүү кеңештерге жаңы шайлоону дайындоого негиз болоору каралган. ААР алкагында облустарды бириктирүүнүн/ирилештирүүнүн натыйжасында 391 жергиликтүү аймактын чектерин өзгөртүү каралууда, натыйжада аймактардын жалпы саны учурдагы 484түн ордуна 268 болушу мүмкүн. Ошону менен бирге ААР таасирин тийгизбеген 93 аймак бар, алардын чек аралары өзгөрүүсүз калат.

Жергиликтүү кеңештерге шайлоону даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан финансылык ресурстарды жана кадрдык ресурстарды оптималдаштыруу максатында айыл аймактарынын жана шаарлардын деңгээлинде администрациялык түзүмдүн жалпы структурасынын өзгөрүшүнө байланыштуу бардык жергиликтүү кеңештердин ишин бир убакта кайра баштоо максатка ылайыктуу.

**Ушуга байланыштуу жергиликтүү кеңештерге шайлоону добуш берүүнүн бирдиктүү күнүндө өткөрүү сунушталууда.**

**8.** Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын потенциалын күчөтүү жана алардын ыйгарым укуктарын натыйжалуу аткаруу максатында жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын, мамлекеттик башкарууну санариптик трансформациялоо боюнча көрүлүп жаткан чаралардын, мыйзамдарга өзгөртүүлөрдүн, ж.б. өңүтүндө **жергиликтүү кеңештин депутаттары үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен, ошондой эле республикалык бюджеттин жана мыйзамда тыюу салынбаган башка каражаттардын эсебинен окутуу мүмкүнчүлүгү сунушталып жатат.**